
# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE


*Муниципалитет –
бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын
жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги*

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ
СЕНТЯБРЬ 2020 | № 9 (107)
чыгарылышы



## ЖӨБ органдары Жогорку Кеңештин VI чакырылышынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча ишине баа беришти, 2-бет

**Кыргыз Республикасынын 2021-2023-жылдарга негизги фискалдык багыттары бюджет аралык мамилелердин азыркы абалын жана аймактардын өнүгүү үчүн ресурстарга болгон муктаждыгын азыркыдан да прогрессивдүү эске алышы керек, 13-бет**




**Жыйнак Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылары күнүмдүк жумуштарында туш болушкан айкын маселелерге жана көйгөйлөргө негизделген 120 суроодон жана жооптон турат. Суроолор Кыргыз Республикасынын аймактарында өткөрүлгөн семинарлардын жана «тегерек үстөлдөрдүн» убагында жыйналган, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга байланыштуу. Басылмага диск тиркелген.**

**Жыйнак Кыргыз Республикасынын бардык жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын аткаруу органдарына бекер берүүгө арналган.**

**Жооптор 2019-жылдын 1-майына карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын ченемдерине ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматынын жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун кызматчылары тарабынан даярдалган.**

**Жыйнак мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга, студенттерге жана окутуучуларга, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кызыккан башка адамдарга арналган.**

**Жыйнактын электрондук версиясы www.dpi.kg («Китепкана» бөлүмү), www.vap.kg («Басылмалар» бөлүмү) сайттарында жеткиликтүү.**

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

**Swiss Agency for Development and Cooperation SDC**

Өнүктүрүү саясат институту «Муниципалитет» журналын өздүк жеке, жана ошондой эле эл аралык донордук уюмдардын жана долбоорлордун каражаттарынын эсебинен басып чыгарат, жана ошол колдоонун артынан биз бул журналды акысыз таркатканга мүмкүнчүлүгүбүз бар! Биз кызматташтыктын жана координациялоонун жакшы үлгүлөрүн көрсөткөн бардык өнөктөштөрүбүзгө терең ыраазычылык билдиребиз.

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | СЕНТЯБРЬ 2020 | № 9 (107) чыгарылышы**

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

**Көңүл чордонунда**
ЖӨБ органдары Жогорку Кеңештин VI чакырылышынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча ишине баа беришти ............... 2

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары**
"Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун үчүнчү, жыйынтыктоочу фазасы башталды ............... 4

**Мыйзамдардагы жаңылыктар**
Класстык чендер тууралуу ............... 7
Роялтинин жана бонустун ставкалары тууралуу ............... 7
Жер үлүштөрүнүн көлөмү, мамлекеттик муктаждыктар үчүн алып коюу тууралуу ............... 8
Шаарларда таза абаны коргоо тууралуу ............... 9
Жарандык абалдын актыларын (ЖААК) каттоо эрежелери тууралуу ............... 9
Шайлоо тууралуу ............... 10
COVID-19дан коргоого багытталган товарларга салык салуу тууралуу ............... 11
Ысык-Көлдү коргоо тууралуу ............... 11
Жолдордо салмак-габариттик көзөмөл тууралуу ............... 12

**ЖӨБдүн финансысы**
Кыргыз Республикасынын 2021-2023-жылдарга негизги фискалдык багыттары бюджет аралык мамилелердин азыркы абалын жана аймактардын өнүгүү үчүн ресурстарга болгон муктаждыгын азыркыдан да прогрессивдүү эске алышы керек ............... 13

**Жергиликтүү демилге**
ЖӨБ органдары "ЖӨБ органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө" Типтүү жобону ишке ашырууда ............... 19
Жазы айылдык аймагындагы жергиликтүү демилге жаңы таланттарды ачты ............... 20
Жергиликтүү демилге аркылуу ЖӨБ органы спорттук иш-чараларды уюштуруу маселелерин эффективдүү чечүүдө ............... 23
Жергиликтүү демилгенин натыйжасында коомдук иш-чаралар үчүн парк-бакча пайда болду ............... 26

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал авторлук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.
**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек шаары, Шевченко көчөсү, №114, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31, 32, 33, 34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# ЖӨБ органдары Жогорку Кеңештин VI чакырылышынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча ишине баа беришти

***КР Жогорку Кеңешинин VI чакырылышы тарабынан кабыл алынган мыйзамдардын аймактарды, жергиликтүү жамааттарды жана ЖӨБ органдарын өнүктүрүүгө тийгизген таасирлерин баалоонун жыйынтыктарын КР Жогорку Кеңешининин депутаттары менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы талкуунун***

***РЕЗОЛЮЦИЯСЫ***

***2020-жылдын 22-июну, Кыргыз Республикасы (онлайн)***



Биз, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары жана Кыргыз Республикасынын бардык областарынын ЖӨБ органдары Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын Союзу аркылуу,

- аймактардын, жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын өнүгүүсү үчүн мыйзам чыгаруу аркылуу *шарттарды түзгөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин VI чакырылышынын кошкон салымын таануу менен;*
- *ЖӨБ чөйрөсүндө кабыл алынган мыйзамдарга ЖӨБ органдарынын жогорку деңгээлдеги канааттануусун белгилөө менен;*
- *Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин VI чакырылышынын депутаттарынын жергиликтүү жамааттардын көйгөйлөрүнө көңүл бургандыгын жогору баалоо менен;*
- *Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен ЖӨБ органдарынын ортосунда өз ара байланыштын жаңы формасын орнотуу зарылдыгын белгилейт. Анткени:*
  - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен түз байланыш үчүн жергиликтүү жамааттарда жана ЖӨБ органдарында каналдар туруктуу эмес жана башаламан. КР Өкмөтү парламентке отчет берип жатканда ЖӨБ органдарынын пикири көп жакшы эсепке алынбай келет. Ошондуктан КР ЖК жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы кырдаалды жана ЖӨБ үчүн өзүнүн мыйзам чыгаруу ишинин жыйынтыктарын үч жол менен гана баалайт: же аткаруу бийлигинин сөзүнө ишенет, же айрым депутаттардын жеке байкоолорунун негизинде жыйынтык чыгарат, же болбосо жалпыга маалымдоо каражаттарында чыккан маалыматтардын негизинде баалайт. Бирок КР ЖК кабыл алган мыйзамдардын ЖӨБго жана бул мыйзамдарды аткаруу боюнча өкмөттүн ишине тийгизген таасирине объективдүү баа берүү үчүн бул маалымат булактарын жетиштүү деп айтууга болбойт;
  - көпчүлүк учурларда КР ЖК депутаттары КР Өкмөтүнүн тең салмаксыз сунуштарына, айрыкча бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүү маселелеринде маанилүү түзөтүүлөрдү киргизүү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызыкчылыктарын коргогон "акыркы чек" болууда. Мындай мисал COVID-19 эпидемиясынан улам республикалык бюджеттин кирешелерин жана чыгымдарын кыскартуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунуштарын кароо учурунда болду.

КР ЖК тең салмактуу чечимдерди кабыл алуу үчүн айрым ЖӨБ органдарынын ой-пикирине таяна албайт жана таянбашы керек. Чечимдерди кабыл алуу процессинде ЖӨБ органдарынын абалын жана позициясын эске алуу үчүн ЖӨБ органдарынын легитимдүү бирикмеси – КР ЖӨБ Союзу менен институционалдык байланыштын каналын түзүү зарыл.

Ушул факторлорду эске алып, КР ЖК депутаттары жана ЖӨБ органдары КР ЖӨБ Союзу аркылуу КР ЖК Төрагасына, КР ЖК комитеттеринин төрагаларына, саясий партиялардын лидерлерине КР ЖК менен ЖӨБ органдарынын эффективдүү өз ара аракеттенүүсү үчүн институционалдык шарттарды түзүүнү жана төмөнкүдөй чараларды кабыл алууну сунуштайт:

- КР Өкмөтү бюджеттер аралык мамилелердеги кызыкчылыктарды КР ЖК кароосуна киргизүүнүн алдында ЖӨБ органдары менен КР ЖӨБ Союзу аркылуу макулдашуусунун механизминин укуктук чектерин орнотуу;
- аталган макулдашуунун механизминде мыйзам кабыл алууда КР Бюджеттик кодексинин 49-беренесинде каралган мамлекеттик органдар тарабынан билип туруп тиешелүү компенсацияны камсыз кылбастан жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын көбөйтүүгө алып келүүчү иш-чараларды жүзөгө ашыруу боюнча чечимдерди кабыл алууга тыюу салынат деген ченемди сакирип өтүүгө мүмкүн болбогон тосмонун болуусун;
- КР ЖӨБ Союзунун мыйзамдардын КР ЖӨБ өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу КР ЖК Баяндамасындагы сунуштар ЖӨБ органдарынын бирдиктүү позициясы экендигин эске алуу менен КР ЖК комитеттеринин жыйындарында КР ЖК VI чакырылышында кабыл алынып жана аймактардын, жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын өнүгүүсүнө түздөн түз таасир көрсөткөн, бирок аткарылбай жаткан же толук деңгээлде аткарылбай жаткан мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган сунуштарды карап чыгуу;
- КР Өкмөтүнүн КР ЖК алдында берилчү отчетунун форматына жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын өнүгүү көрсөткүчтөрүн аймактар боюнча киргизүү;
- мыйзамдардын КР ЖӨБ өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу Баяндаманы иштеп чыгууга буйрутма берүүчү катары КР ЖК илимий-изилдөө борборун, аткаруучу катары КР ЖӨБ Союзун (өз каражаттарынын эсебинен) аныктоо менен КР ЖК контролдук функциясын аткарууну күчөтүү;
- аталган Баяндаманы иштеп чыгуу процессине: методология, мөөнөтү, маалыматтарды чогултуу процесси, иштеп чыгуу жана талкуулоо, КР ЖК кароосуна киргизүү жана структураларында талкуу жүргүзүү боюнча талаптарды коюу.

Талкуунун катышуучулары жогорудагы сунуштарды кабыл алуу менен төмөнкүдөй жыйынтыктарга жетсек болот деп ишенишет:

- жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктары мыйзам кабыл алуу процессинде эске алуу механизмине ээ болот;
- КР ЖК КР Өкмөтүнөн жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктарын тең салмактаган мыйзам демилгелерин алып калат;
- Баяндаманы КР ЖК менен жергиликтүү жамааттын ортосундагы ар дайымкы байланыш куралы катары ишке киргизүү.

КР ЖК мыйзамдардын таасирин объективдүү индикаторлор боюнча КР ЖӨБ Союзу - ЖӨБ органдарынын легитимдүү бирикмеси аркылуу, ал эми жергиликтүү жамааттын абалынын көрсөткүчтөрүн КР Өкмөтү аркылуу баалоонун куралына ээ болот.

Бардык иш-чаралардын жыйындысы, КР ЖК аймактардын, жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын өнүгүүсүнө таасир этүүнүн эффективдүүлүгүн олуттуу жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзүп берет.

**Талкуунун Төрайымы, КР ЖК Төрагасынын орун басары**
**А. К. КАСЫМАЛИЕВА**

**КР ЖӨБ Союзунун башкармалыгынын Төрагасы –**
**Орловка шаарынын мэри**
**Б. А. ЧАНЧАРОВ**

# Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык боюнча Башкармалыгы (SDC) каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Түрмөктү ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси **Нургүл ЖАМАНКУЛОВА** даярдады, ӨСИ

Жалпы редакция – **Сабина ГРАДВАЛЬ**, ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары, ӨСИ



## “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун үчүнчү, жыйынтыктоочу фазасы башталды

Сегиз жылдын ичинде, 2011-жылдан 2020-жылга чейинки мезгил аралыгында Долбоор эл тарабынан ЖӨБ органдарынын отчеттуулугун талап кылганына колдоо көрсөтүп, жамааттын тартылуусун, катышуусун жана жоопкерчилигин камсыз кылууга жардам берип келди. Экинчи жагынан, Долбоор ЖӨБ органдарына жарандык демилгелерге адекваттуу реакция жасоого жардам берди. Долбоор жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, ЖӨБ органдарынын жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга, бюджеттик процесске катышуу укугун камсыз кылуусу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган мыйзамдарды өркүндөтүүдө КР Өкмөтүнө жана Парламентине олуттуу колдоо





### Долбоорду ишке ашыруунун мөөнөтү жана географиясы

- I фаза: 2011-жылдын ноябрь айынан 2015-жылдын мартына чейин. Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустары;
- II фаза: 2015-жылдын апрель айынан 2020-жылдын мартына чейин. Кыргыз Республикасынын Чүй, Ош жана Нарын облустары;
- III (жыйынтыктоочу) фаза: 2020-жылдын сентябрь айынан 2022-жылдын март айына чейин. Кыргыз Республикасы.

Жыйынтыктоочу фазанын максаты – жетишилген жыйынтыктарды бириктирүү жана алынган тажрыйбаны бардык КРнын ЖӨБ органдары арасында жайылтуу. Долбоордун жалпы максаты мурдагыдай бойдон (туюндурмада бир аз өзгөрүүлөр болгонун эсепке албаганда) кала берет: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандарды чечим кабыл алуу процессине тартуу менен, мамлекеттик финансыны дагы да ачык-айкын, жоопкерчиликтүү башкарышат.



көрсөттү. Эми болсо, жыйынтыктоочу фазада Долбоордун күч-аракеттери жарандардын отчеттуулукка болгон суроо-талабы жана ЖӨБ органдары тарабынан бул суроо-талапка жообу Долбоор баржогуна карабастан күчүндө болушу үчүн туруктуулукту камсыз кылууга багытталмакчы. Долбоор эки негизги багыт боюнча иш алып барат.

#### 1-багыт – “ЖӨБ органдарынын потенциалын көбөйтүү системасынын туруктуулугун жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу”

Бул багыттын алкагында Долбоор өнөктөштөрүн – ЖӨБЭММАнын, ЖӨБ Союзунун жана ӨСИнин демилгелерине колдоо көрсөтөт: ЖӨБ органдарынын башкаруунун алдыңкы усулдарына жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, ЖӨБдүн мыкты практикасы Порталы аркылуу билим жана тажрыйба алмашуу демилгелерин колдоп берет. Ошондой эле Долбоор КР Мамлекеттик кадр кызматынын муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуунун расмий системасын өркүндөтүү боюнча аракеттерине колдоо көрсөтмөкчү. Бул ишке аймактардагы университеттер жана башка окуу жайлары да тартылат. Аймактардагы университеттерге муниципалдык кызматчыларды окутуу боюнча мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн кошумча колдоо көрсөтүлөт.

#### 2-багыт – “Жарандардын жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алууга, анын ичинде бюджеттик процесске катышуусун күчөтүү, мында гендердик теңдикти эсепке алуу жана калктын аярлуу катмарын катыштыруу”

Бул багыттын алкагында Долбоор жарандардын бюджеттик процесске катышууга укугун колдонуусу үчүн укуктук жана техникалык шарттарды бекитүүгө башкаруунун улуттук деңгээлине жардам берет. Күч-аракеттер төмөнкүдөй багыттарга жумшалат: Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодексти иштеп чыгуу жана кабыл алуу, Кодекстин жоболорун түшүндүрүү боюнча маалымат өнөктүгүн өткөрүү, ошондой эле улуттук мыйзамдар жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн эл аралык принциптерине канчалык шайкеш келгенине мониторинг жүргүзүүнүн механизмдерин кеңири жайылтуу багыттарына өзгөчө



көңүл бурулат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Европа хартиясы мындай мониторингдин механизмдеринин бири болуп бере алат.

ЖӨБ органдарынын финансылык туруктуулугун, алардын жарандардын артыкчылыктуу муктаждыктарына жооп берүү мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөө максатында ЖӨБ органдары менен мамлекеттин ортосундагы бюджет аралык диалогду уюштуруу процессинде Долбоор ЖӨБ Союзуна көмөк көрсөтөт. Бул процесс жергиликтүү кирешелердин божомолун жакшыртууга жардам берип, мамлекеттик бюджетти теңдештирүү жана стимул берүү процессинин ачык-айкын болушуна көмөк көрсөтөт.

Долбоор бюджеттик процесстин ачык-айкындуулугуна жана отчеттуулугуна коюлган чектемдик талаптарды бекитүүдө улуттук өнөктөштөргө көмөктөшөт. Аны менен катар, КР Финансы министрлиги, ошондой эле ЖӨБЭММА жана ЖӨБ Союзу аркылуу ушул кезге чейин бул талаптарды көп жакшы аткарбай келген ЖӨБ органдарында бюджеттик процесстин ачык-айкындуулугун киргизүү үчүн чаралар көрүлөт. Долбоор мыкты практикаларды аныктап, ЖӨБ органдарынын жергиликтүү бюджеттерди түзүү, жергиликтүү демилгелерди каржылоо боюнча коомдук угууларды уюштурууда жана өткөрүүдө алдыңкы тажрыйбаны колдонууга шыктандырат. Бул максатта Долбоор ЖӨБ Союзу жана ЖӨБЭММА менен кызматташтыкта атайын конкурстарды өткөрөт.

2021-жылдын жаз мезгилинде өтчү жергиликтүү шайлоонун алдында Долбоор жергиликтүү кеңештерге талапкерлигин коюу ниети бар кыз-келиндер үчүн Лидерлик мектебин өткөрүүнү пландап жатат. Мектепте лидерлик, коммуникация жана тармактарды түзүү жаатында жеке өнүгүү боюнча




жалпы семинарлар өткөрүлөт. Буга кошумча Мектеп муниципалдык башкаруу, саясаттын негиздери, жергиликтүү жамааттын жана жарандык коомдун катышуусу, ошондой эле гендердик өнүттөрдү эсепке алуу менен бюджетти түзүү боюнча тренингдерди өткөрөт.

ЭУЖӨБОЖ Долбоору тууралуу кошумча жана ыкчам маалыматты төмөнкү шилтеме боюнча Долбоордун сайтынан таба аласыз: http://vap.kg





# МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси
**Нургүл ЖАМАНКУЛОВА**

## Класстык чендер тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай ЖЭЭНБЕКОВ «2016-жылдын 30-декабрындагы "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына класстык чендерди ыйгаруу маселелери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Жарлыкка кол койду.***

Бул Жарлыкка ылайык, ыйгарылган класстык чende кызмат кылуу мөөнөтүн аныктоо тартиби өзгөрдү. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына класстык чендерди ыйгаруунун, төмөндөтүүнүн жана ажыратуунун тартибинин буга чейинки редакциясында "ыйгарылган класстык чende кызмат өтөө мөөнөтү класстык чен ыйгарылган күндөн тартып эсептелет" деп айтылган. Жаңы редакцияда "бул мөөнөткө мамлекеттик же муниципалдык кызматтарды ээлеген мезгилдер гана кирет" деп тактоо киргизилген. Башкача айтканда, эгерде кызматчыга чен 1-январда ыйгарылса, ал эми муниципалдык кызмат ордунда кызмат өтөгөн мөөнөтү 2 айды гана түзсө, анда 31-декабрга карата эски редакцияга ылайык, ыйгарылган класстык чендеги кызмат мөөнөтү 12 айды түзмөк. Ал эми жаңы редакцияга ылайык болгону 2 айды гана түзөт. Мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2, 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси жана муниципалдык кызматтын 1, 2, 3-класстагы муниципалдык кеңешчиси класстык чендерин ыйгарууга көрсөтүлүп жаткан талапкерлер тапшырчу документтердин тизмеси да толукталды. Чендерди ыйгаруу тартибинин жаңы редакциясына ылайык, тизмеге[1] паспорттун көчүрмөсү жана эмгек китепчесинин нотариалдык же иштеген жери боюнча персоналды башкаруу кызматтары тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү кошулду.

[1] Буга чейин тизмеге төмөнкү документтер кирчү: 1) кадрларды каттоо боюнча жекече баракча; 2) өмүр баяны; 3) сунуш кылынып жаткан талапкерге чогуу иштеген жери боюнча аны билген кызматкерлердин кеминде 3 пикири; 4) 4х6 фотосүрөтү (2 даана); 5) билими жөнүндө, илимий даража, илимий наам ыйгаруу жөнүндө дипломдордун көчүрмөсү.

## Роялтинин жана бонустун ставкалары тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков «Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамга кол койду.***

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2020-жылдын 25-июнунда кабыл алынган.

Аталган Мыйзамдын максаты — алтын камтыган казындыны, алтын камтыган концентратты, алтын эритмесин жана аффинаждалган алтынды казып алуу жана сатуу боюнча иштерди жүргүзгөн тоо кендерин казып алуучу жана тоо кендерин кайра иштетүүчү ишканаларга кирешe салык салуу боюнча КР мыйзамдарын жакшыртуу, ошондой эле

роялти салыгынын базасын жана анын ставкасын тактоо болуп эсептелет. Документ тоо кендерин казып алуучу жана тоо кендерин кайра иштетүүчү ишканалардын киреше салыгынын ставкасын 7% көтөрүүнү караштырат.

Аталган Мыйзам менен Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 301-беренеси (Бонус салыгын төлөөчү) жаңы редакцияда баяндалды. Ага ылайык, жер астындагы сууларды чыгарып алуу жана пайдалануу боюнча суу менен камсыздоочу атайын уюмдарды жана калктуу конуштарды ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн, ошондой эле мал чарбачылыгы, өсүмдүк өстүрүү жана балык өстүрүү чөйрөсүндөгү айылдык товар өндүрүүчүлөр үчүн жер астындагы сууларды чыгарып алуу боюнча уюмдарды кошпогондо, жер казынасын пайдалануу укугуна ээ ата мекендик уюмдар, туруктуу мекеме аркылуу Кыргыз Республикасында ишти жүзөгө ашырган чет өлкөлүк уюмдар, ошондой эле жеке ишкерлер бонус салыгын төлөөчүлөр болуп саналышат.

## Жер үлүштөрүнүн көлөмү, мамлекеттик муктаждыктар үчүн алып коюу тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Жер кодексине, «Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамына кол койду.***

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2020-жылдын 24-июнунда кабыл алынган.

Мыйзам төмөнкү макулдашуулар боюнча милдеттенмелерди аткаруу боюнча кабыл алынган:

– Бишкек шаарында 2018-жылдын 28-декабрында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы займ жана грант берүү (Бириктирүүчү жолдун долбоору, ЦАРЭС 1, 3- коридорлор, 2-фаза — кошумча каржылоо) жөнүндө;

– 2014-жылдын 20-мартындагы Кыргыз Республикасы менен Евразия өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Бишкек-Ош автожолун реконструкциялоо» долбоорун каржылоо жөнүндө.

Жогоруда аталган макулдашуулардын алкагында Кыргыз Республикасы жол боюнда жашаган адамдардын мүлкү алынгандыгы үчүн компенсация төлөнмөйүнчө подрядчикке курулуш иштерине жол участкаларын бербөө милдеттенмесин өзүнө алган.

Кол коюлган мыйзам менен Жер кодексине 5 гектарга чейинки өлчөмдөгү айыл чарба багытындагы жер үлүштөрү бөлүнбөс болуп саналарын караган өзгөртүүлөр киргизилди, буга мамлекеттик (Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин ишке ашыруу менен транспорттук, энергетикалык) муктаждыктар үчүн алып коюу учурлары кирбейт. 5 гектардан жогору айыл чарба багытындагы жер үлүштөрү, мамлекеттик (Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин ишке ашыруу менен транспорттук, энергетикалык) муктаждыктар үчүн алып коюу учурларын кошпогондо, 5 гектардан ашкан өлчөмдөрдүн чектеринде гана өз алдынча участокторго бөлүнүшү мүмкүн. Мында өз алдынча бөлүнүүчү участоктордун өлчөмдөрү, мамлекеттик (Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин ишке ашыруу менен транспорттук, энергетикалык) муктаждыктар үчүн алып коюу учурларын кошпогондо, 5 гектардан аз болушу мүмкүн эмес.

Ошондой эле «Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилди, ага ылайык, 5 гектарга чейинки өлчөмдөгү жер үлүштөрү майдаланып бөлүнбөстөн, жер аянтынын бирдиктүү контуру менен гана сатылышы мүмкүн, буга мамлекеттик (Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин ишке ашыруу менен транспорттук, энергетикалык) муктаждыктар үчүн алып коюу учурлары кирбейт. Жер үлүшүн өз алдынча участокторго бөлүүгө жана аларды өзүнчө ажыратууга, мамлекеттик (Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин ишке ашыруу менен транспорттук, энергетикалык) муктаждыктар үчүн алып коюу учурларын кошпогондо, 5 гектардан ашкан өлчөмдөрдүн чектеринде гана жол берилет. Мында өз алдынча бөлүнүүчү участоктордун өлчөмдөрү, мамлекеттик (Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин ишке ашыруу менен транспорттук, энергетикалык) муктаждыктар үчүн алып коюу учурларын кошпогондо, 5 гектардан аз болушу мүмкүн эмес.

Өзгөчө баалуу айыл чарба жерлеринин менчик ээси 5 гектарга чейинки өлчөмдөгү жер участогун, мамлекеттик (Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин ишке ашыруу менен транспорттук, энергетикалык) муктаждыктар үчүн алып коюу учурларын кошпогондо, майдалап бөлбөстөн, жер аянтынын бирдиктүү контуру менен гана өзүнчө ажыратууга укуктуу. Менчик ээси тарабынан өзгөчө баалуу айыл чарба жерлерин өз алдынча участокторго бөлүүгө жана аларды өзүнчө ажыратууга, мамлекеттик (Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин ишке ашыруу менен транспорттук, энергетикалык) муктаждыктар үчүн алып коюу учурларын кошпогондо, 5 гектардан ашкан өлчөмдөрдүн чектеринде гана жол берилет. Мында өз алдынча бөлүнүүчү участоктордун өлчөмдөрү, мамлекеттик (Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин ишке ашыруу менен транспорттук, энергетикалык) муктаждыктар үчүн алып коюу учурларын кошпогондо, 5 гектардан аз болушу мүмкүн эмес.

## Шаарларда таза абаны коргоо тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков «Таза аба маселеси жана салыктык башкарууну өркүндөтүү боюнча айрым мыйзам актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.***

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2020-жылдын 25-июнунда кабыл алынды.

Кол коюлган Мыйзам Кыргыз Республикасынын ири шаарларында бир катар көрсөткүчтөр боюнча чектик жол берилген концентрациядан ашкан жана калктын ден соолугуна коопту болгон абанын булгануу деңгээлин төмөндөтүүгө багытталган.

Мыйзамда бизге ташылып келген жана биздин өлкөдө өндүрүлгөн электромобилдерге, электр заряддоочу станцияларга жана алардын запастык бөлүктөрүнө (комплекттөөчүлөргө) салыктык преференциялар, ошондой эле техникалык кароо жүргүзүүчү диагностикалык борборлордун жоопкерчилиги каралат.

## Жарандык абалдын актыларын (ЖААК) каттоо эрежелери тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков «Жарандык абалдын актылары жөнүндө» жана «Жарандык абалдын актыларын каттоо чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына кол койду.***

Мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2020-жылдын 17-июнунда кабыл алынган.

Аталган мыйзамдын максаты жарандык абалдын актыларын каттоо жол-жоболорун оптималдаштыруу болуп саналат.

Маалыматтык технологиялардын өнүгүү темпинин тездешине байланыштуу маалыматтык жана коммуникациялык автоматташтырылган тутумдарды колдонуу менен жарандык абалдын актыларын каттоо тутуму иштелип чыгууда.

Кабыл алынган мыйзамда жарандык абалдын актыларына каттоо жүргүзүүнүн эрежелерин кабыл алуунун кыйла кеңири тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен бекитилет деп каралган.

Мыйзам төмөнкүлөрдү сунуштайт:

Баланын туулгандыгын каттоону жарандык абалдын актыларын каттоо органдары (ЖААК) тарабынан, ата-энелеринин (ата-энесинин) документтери жок болгон жана өз убагында берилбеген учурда, баланын туулгандыгын каттоону жеңилдетүү.

Жарандык абалдын актыларын каттоонун эки түрү алып салынсын: асырап алууну мамлекеттик каттоо жана аталыкты белгилөө.

Атасынын аты бөлүгүндө атасынын жана асырап алуучунун, өгөй атасынын, чоң атасынын ысымдарынан келип чыккан аталардын жана энелердин тизмелерине өзгөртүү укугун берүү.

Жарандык абалдын актыларын жазуунун экинчи кагаз нускасы жоюлду, мындан ары бир гана нуска жазылат.

Кыргызстандын жарандары балдарынын фамилиясын кыргыздын улуттук салттары боюнча жазуу-

су боюнча эрежелер такталган: эркек жынысындагы балдар үчүн «уулу» жана аял жынысындагы балдар үчүн «кызы» деп кошуу менен же аларды кошпостон жазуу жүргүзүлөт. Мындай учурларда баланын атасынын аты берилбейт.

ЖААК органына жаран кайрылган жерде жарандык абалдын актыларын каттоо жүргүзүлөт. Мындан ары жарандар каттоодо турган жеринде же жарандык абалдын актыларын каттоодо турган жери боюнча кайрылышпайт, бул ички миграциядагы туруксуз кырдаалда жарандар үчүн олуттуу кыйынчылыктарды жараткан.

Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр жарандарга жарандык абалдын актыларын каттоодо өз убактысын жана каражаттарын үнөмдөөгө мүмкүндүк берет.

«Жарандык абалдын актылары жөнүндө» мыйзам менен «Жарандык абалдын актыларын каттоо чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы бирдиктүү пакет менен кабыл алынган.

Мыйзам менен Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин I бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексине, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине жана «Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын ченемдерине, аларды «Жарандык абалдын актылары жөнүндө» жаңы мыйзамдын ченемдерине ылайык келтирүү максатында өзгөртүүлөр киргизилди.

«Жарандык абалдын актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы үч айдан кийин, ал эми «Жарандык абалдын актыларын каттоо жаатындагы айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы — расмий жарыяланган күндөн тартып алты айдан кийин күчүнө кирет.

## Шайлоо тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков «Шайлоо мыйзамдары чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына кол койду.***

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2020-жылдын 25-июнунда кабыл алынган.

Кабыл алынган мыйзамдын максаты шайлоо мыйзамдарын бузууларды алдын-алуу, бөгөт коюу механизмдеринин натыйжалуулугун жогорулатуу, жарандардын шайлоо укуктарын коргоону жакшыртуу болуп эсептелет.

Аталган мыйзам 2018-жылдын 13-августундагы Кыргыз Республикасынын Туруктуу өнүктүрүү боюнча улуттук кеңешинин VII жыйынында кабыл алынган 2018-2020-жылдарда шайлоолор жөнүндө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жөнүндө мыйзамдарын өркүндөтүү стратегиясында каралган милдеттерди ишке ашырууга багытталганын белгилей кетүү керек.

Кабыл алынган мыйзам менен төмөнкү кодекстерге өзгөртүүлөр киргизилет:

- Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине;
- Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине;
- Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине;
- Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине.

Кабыл алынган мыйзам менен төмөндөгүлөр каралган:

– Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган чечимдерин жана талаптарын аткарбаганы үчүн (421-берене) жана шайлоочунун шайлоо комиссиясына шайлоо дарегинин алмашкандыгы тууралуу анык эмес маалыматтарды билип туруп бергендиги үчүн (422-берене), сатып алуучунун же алардын атынан чыккан адамдардын пайдасына активдүү шайлоо укугун ишке ашыргандыгы үчүн шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) жеке өзү же болбосо ортомчу аркылуу акча каражаттарды жана (же) материалдык баалуулуктарды алгандыгы үчүн жоопкерчилик киргизилген. Эгерде шайлоочу сунуш кылынган талапкер үчүн добуш берүүгө акча каражаттарын жана материалдык баалуулуктарды таркатуу жөнүндө өз ыктыяры менен билдирсе, жоопкерчиликтен бошотулат (423-берене).

– Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу үчүн (871-берене), талапкер тарабынан анык эмес маалыматтарды, документтерди, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу тууралуу документти бергендиги, ошондой эле талапкерликке көрсөтүү, каттоо жана шайлоо үчүн тоскоолдук кылуучу маалыматтарды жашыргандыгы үчүн (872-берене) жоопкерчилик киргизилген;

– КР Жазык кодекстин 191-беренесинде (Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу) шайлоо комиссияларынын, референдум өткөрүү боюнча комиссияларынын ишине же болбосо шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсүнүн өз милдеттерин аткаруу менен байланышкан ишине кийлигишүү жолу менен, анын ичинде алардын чечимдерине таасир көрсөтүү максатында кызмат ордун жана кызмат абалын пайдалануу менен тоскоолдук кылуу, атап айтканда, кызмат адамынын талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттоо, шайлоочулардын, референдумга катышуучулардын добуштарын эсепке алуу маселелери же башка маселелер боюнча талап коюу же көрсөтмө берүү, же болбосо, шайлоо процессинде колдонулуучу мамлекеттик маалымат системаларынын ишин бузууга атайылап аракет жасоо же маалыматтарын бурмалоо үчүн жоопкерчилик белгиленген;

– КР Жазык кодекстин 192-беренесинде шайлоочулардын добуштарын сатып алуу үчүн жазык жоопкерчилигинин субъекттеринин тизмеси кеңейтилген;

– КР Административдик-процесстик кодексинин 201-беренесинде шайлоо укуктары бузулгандыгы боюнча сотко арыз жазуу мөөнөтү эки күндөн үч күнгө узартылган.





## COVID-19дан коргоого багытталган товарларга салык салуу тууралуу

***КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-сентябрындагы №458 "Эпидемиологиялык кырдаалды турукташтыруу максатында колдонулуучу нөл (0) пайыз ставкасы боюнча кошумча нарк салыгы салынуучу товарлар жөнүндө" токтому.***

Кыргыз Республикасында эпидемиологиялык кырдаалды турукташтыруу, COVID-19 коронавирустук инфекциясынын жайылышынын алдын алууга жана болтурбоого багытталган чараларды ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 29 жана 227-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. 2020-жылдын 1-августунан 31-декабрына чейинки мезгилде төмөнкү товарлардын салык салынуучу жеткирип берүүлөр жана салык салынуучу импорту боюнча кошумча нарк салыгынын (мындан ары – КНС) ставкасы нөл (0) пайыз өлчөмүндө белгиленсин:

1) дем алуу органдарын жекече коргоо каражаттары, чыпкалоочу жана изоляциялоочу, анын ичинде бетке арналган бөлүктөр жана чыпкалар (ЕАЭБ ТЭИ ТН коддору 8421 39 200 9; 9020 00 000 0);

2) атайын коргоочу кийим, анын ичинде чыпкалоочу коргоочу кийим (ЕАЭБ ТЭИ ТН коддору 3926 20 000 0; 4015; 6203төн; 6204төн; 6210 10 920 0; 6210 10 980 0; 6210 40 000 0; 6210 50 000 0; 6211 32 100 0; 6211 33 100 0; 6211 43 100 0; 6505 00 900 0дөн; 6506 10 100 0);

3) көздү жана бетти жекече коргоо каражаттары (ЕАЭБ ТЭИ ТН коддору 3926 90дон; 9004 90 900 0) жана башкалар.

## Ысык-Көлдү коргоо тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков «"Ысык-Көл" биосфера аймагынын сууларын агызып чыгаруу жана тазалоочу курулмалары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.***

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2020-жылдын 24-июнунда кабыл алынган.

Мыйзам жашоо жана ден соолук үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөгө жарандардын укуктарын ишке ашырууга, «Ысык-Көл» биосфера аймагынын бирдиктүү экологиялык системасын сактоого багытталган, агып чыкма суулардын айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасирин азайтууга, Ысык-Көл көлүнүн экосистемасын төмөнкүлөрдөн булгануусунун алдын алууга багытталган: Ысык-Көл көлүнө тиричилик жана башка чарбалык агындылардын түздөн-түз агып түшүшүнө байланышкан чарбалык, соода, рек-реациялык жана башка иштерди жүзөгө ашыруунун натыйжасында; булганган (тазаланган эмес) тиричилик агындыларынын жер үстүндөгү,

жер алдындагы сууларга жана Ысык-Көл көлүнө олуттуу көлөмдө кошулушунун жана агып киришинин натыйжасында.

Агып чыкма сууларды тазалоо боюнча курулмаларды куруу, аларды оңдоо жана калыбына келтирүү республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын, бюджеттик эмес каражаттардын, гранттык жана кредиттик каражаттардын, Жаратылышты өнүктүрүү фондунун каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каржы булактарынын эсебинен каржыланат.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, 2021-жылдын 1-январынан тартып, «Ысык-Көл» биосфера аймагынын зонасынын чектеринде агындыларды андан ары тазалоочу курулмаларга өткөрүү үчүн агызып чыгаруу системасына кошулбаган, же болбосо агып чыкма сууларды тазалоо боюнча өзүнүн курулмалары жок рекреация объекттерин, өнөр жай объекттерин, үй чарбачылыктары үчүн агып чыкма суулардын белгиленген тартипте аныкталган көлөмүнүн орточо суткалык көрсөткүчүнөн ашкан агып чыкма суулардын көлөмүнүн орточо суткалык көрсөткүчү бар объекттерди долбоорлорго, курууга уруксат документтерди, мамлекеттик экологиялык жана мамлекеттик курулуш экспертизаларынын корутундуларын берүүгө, эксплуатациялоого берүүгө жол берилбейт.

2024-жылдын 1-январынан тартып «Ысык-Көл» биосфера аймагынын зонасынын чектеринде агындыларды андан ары тазалоочу курулмаларга өткөрүү үчүн агызып чыгаруу системасына кошулбаган, же болбосо агып чыкма сууларды тазалоо боюнча өзүнүн курулмалары жок рекреация объекттерин, өнөр жай объекттерин, үй чарбалыктары үчүн агып чыкма суулардын белгиленген тартипте аныкталган көлөмүнүн орточо суткалык көрсөткүчүнөн ашкан агып чыкма суулардын көлөмүнүн орточо суткалык көрсөткүчү бар объекттерин иштетүүгө тыюу салынат.

Мыйзам 2021-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

## Жолдордо салмак-габариттик көзөмөл тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине, «Автомобиль жолдору жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы жол кыймылы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2020-жылдын 25-июнунда кабыл алынган.***

Кол коюлган Мыйзамдын максаты автомобиль жолдорунун сакталышын камсыз кылуу, транспорттук-контролдоо пункттарында салмактык-габариттик контролдоо процессин автоматташтыруу жолу менен адам факторун болтурбоо жана коррупцияны түп-тамырынан жоюу болуп саналат.

Мыйзам менен Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси транспорт каражаттарынын максималдуу өлчөмдөрүнө жана башка линиялык параметрлерине карата белгиленген талаптарды сактабагандыгы үчүн 8-категориядагы айып пул салуу түрүндө (жеке адамдар үчүн — 175 эсептик көрсөткүчтө, юридикалык жактар үчүн — 550 эсептик көрсөткүчтө) жаза чараны караган 1202-берене менен толукталат.

Бузуулар жөнүндө иш боюнча өндүрүштү ачууга Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча транспорт каражаттарын өткөрүү жана Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору менен өтүү үчүн белгиленген ченемден ашкан транспорт каражаттарынын максималдык өлчөмдөрүн жана башка линиялык параметрлерин таразага тартуу жана өлчөө үчүн жыйымдарды алуу тартибин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында автомобиль жолдорун жана жол курулмаларын пайдалануу жана аларды сактоо тартибин бузууларды фотожана кино тартуу, видеожазуу функциялары бар автоматтык режимде иштеген атайын техникалык каражаттар же фото жана кино тартуу, видеожазуу каражаттары менен жазып алуу жүйө болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын аймагында транспорт каражаттарынын белгиленген салмак-габариттик параметрлерин сактабоо үчүн кошумча укуктук кесепеттер катары транспорт каражаттарын дөңгөлөктөрдү блокираторлорду колдонуп атайын токтотуучу жайга мажбурлап эвакуациялоо жана транспорт каражатын башкаруудан четтетүү каралган.






# Кыргыз Республикасынын 2021-2023-жылдарга негизги фискалдык багыттары бюджет аралык мамилелердин азыркы абалын жана аймактардын өнүгүү үчүн ресурстарга болгон муктаждыгын азыркыдан да прогрессивдүү эске алышы керек

***Надежда ДОБРЕЦОВА, Максим СЕМЕНЯК, КР ЖӨБ Союзунун буюртмасы боюнча***

"Мамлекеттин фискалдык саясаты – бул мамлекеттин жалпы саясатынын эң негизги, атүгүл эң маанилүү бөлүгү. Чынында, рынок мамилелери өкүм сүрүп турган шарттарда дал ушул фискалдык саясат элдик чарбанын өнүгүү багытын жана ыргагын аныктап турат. Мамлекеттин фискалдык саясаты жалпысынан коомдун нормалдуу турмуш тиричилиги үчүн зарыл болгон мамлекеттик бюджетти гана түзбөстөн, ошону менен бирге акыйкат да болууга тийиш. Фискалдык саясаттын маанилүү принциптеринин бири – киреше канчалык көп болсо, бюджетке төлөмдөр да ошончолук көп болот. Бирок ошол эле маалда байларга мүмкүн болушунча аз салык салып, ал эми жакырлардын жонун тилип алууга жол



берилбеши керек"[1]. Бул өзгөчө ЖӨБ органдарына жана алардын жергиликтүү бюджеттерине карата актуалдуу болуп турат. Жергиликтүү бюджеттер масштабы жагынан да, экономикалык потенциалы боюнча да бири-биринен айырмаланары турган иш. Мындан улам жергиликтүү бюджеттердин да мүмкүнчүлүктөрү ар башкача болот. Бирок бардык жерде адамдардын муктаждыктары дээрлик окшош болгондугунан улам, "бакубат" жана "жакыр" муниципалитеттер, шарты жакшы жана артта калып аткан жамааттар, тездик менен өсүп-өнүгүп жаткан борбор менен бир орунда туруп, өнүгүү такыр байкалбаган элет жергеси пайда болууда. Ошондуктан борбор менен аймактар ортосундагы бюджеттердин кирешелерин натыйжалуу бөлүштүрүү максатын көздөгөн бюджет аралык мамилелер – бул фискалдык саясаттын маанилүү элементи.

Мындан тышкары, фискалдык саясат дегенде мамлекеттик чыгашаларды макроэкономикалык шарттарга таасир тийгизүү максатында колдонууну түшүнүш керек. Башкача айтканда мамлекеттик бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн башкарууну (анын ичинде мыйзамдар менен белгиленген ченемдер аркылуу да) туруктуу экономика жана анын эффективдүү өнүгүүсү камсыз кылууга тийиш.

Аймактардын өнүгүүсү үчүн тең салмактуу бюджет аралык мамилелердин маанисин эсепке алуу менен, ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктарын көздөгөн легитимдүү орган катары ЖӨБ Союзу "2021-2023-жылдарга КРнын фискалдык саясатынын негизги багыттары" (ФСНБ) аттуу документтин долбоору менен дыкат таанышып чыкты. ЖӨБ Союзу өкүнүү менен төмөнкүдөй тыянакка келди: бюджет аралык мамилелер бөлүгүндө бул документ Бюджеттик резолюцияга (мындан ары – Бюджеттик резолюция) көп жакшы шайкеш келбейт. Бюджеттик резолюция Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин (КР ЖК) 2020-жылдын 10-июнундагы № 3822-VI "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга Бюджеттик резолюциясы жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө" токтому менен кабыл алынган. КР Бюджеттик резолюциясына ылайык, бул эки документ тең республикалык бюджет үчүн негиз катары кызмат өтөшү керек. Ошондуктан Бюджеттик резолюция менен ФСНБ ортосундагы координациянын камсыз кылуу логикалуу болуп турат.

## ФСНБ мындан да аналитикалык, прогрессивдүү жана реформалоочу мүнөзгө ээ болушу керек

ФСНБ документинин сунуш кылынып жаткан долбоорунун структурасы ченемдик актылар менен аныкталган талаптарга жалпысынан шайкеш келет. Бул документте негизги бөлүмдөр тыкандык менен, атүгүл айрым жерлеринде чоо-жайы ашыкча көрсөтүлүп баяндалган. Бирок документтин артыкчылыктары мына ошону менен эле бүтүп калгандай. Прогрессивдүү өзгөрүүлөрдүн комплексин караштырышы керек болгон "Фискалдык саясат" документте учурдагы кырдаалдын констатациясы катары берилген, айрым жерлери эскирип бараткан, жылдан жылга эч өзгөртүлбөстөн кайталанып көчүрүлгөн программалардагы цитаталар менен "жаңыланымыш" болуп калгандай.

ФСНБ мындан да аналитикалык, прогрессивдүү жана реформалоочу мүнөзгө ээ болушу керек эле. Ошону менен катар алдыдагы үч жылга сунушталып жаткан иш-аракеттерге аналитикалык баа берүү үчүн жетиштүү орун калтырышы керек болчу. ФСНБны даярдоо иши бюджеттик жылнаамада белгиленген, жадатма жумуш катары кабыл алынбастан, КР Финансы министрлигинин бир нече кызматкери эмес, мамлекеттик финансыны башкаруу системасынын бардык оюнчулары тартылган, биргелешкен чыгармачыл ишке айланышы керек.

## Дотациядагы ЖӨБ органдарынын санын кыскартуу мамлекеттик саясаттын максатына айланбашы керек!

ФСНБнын 3.4.-бөлүмүндө ("Мамлекеттик чыгашалардын негизги милдеттери жана стратегиялык артыкчылыктары") дотациядагы ЖӨБ органдарынын санын кыскартуу стратегиялык артыкчылыктардын бири катары көрсөтүлгөн. Буга чейин көп эле жолу айтылган: дотациядагы ЖӨБдүн санынын көбөйүшү же азайышы алардын өнүгүүсүнүн көрсөткүчү боло албайт, мындан улам өнүгүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясаттын максатына айланбашы керек. Борбордон көз каранды болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын саны болгону бюджеттик системанын централдашуу деңгээлин гана көрсөтөт. Эгерде эртең мамлекет жергиликтүү бюджеттерге олуттуу финансы ресурстарын багыттоону чечсе, анда бардык муниципалитеттер дотациялык болуп калат. Бул жаран үчүн жаманбы? Жаман дегенге караганда, жакшы жагы көбүрөөк. Ошондуктан дотациядагы ЖӨБдүн санын өнүгүүнүн көрсөткүчү катары сөз кылуунун мааниси жок. Мындан улам бул санды максат, артыкчылык же мамлекеттик саясаттын милдети катары көрсөтүү туура эмес.

Ошондуктан жергиликтүү бюджеттердин дотациялуулугун азайтуунун ордуна жер-жерлерде кызмат көрсөтүүлөрдүн минималдык стандарттарын камсыз кылууну максат катары көрсөтүш керек.

## Бюджет аралык мамилелерди реформалоонун КААЛАНГАН жыйынтыктарын АНЫК жыйынтыктары катары көрсөтпөш керек

5-бөлүм ("Бюджет аралык мамилелер реформасы") кырдаалга жасалган анализ калыс болгонунан шек жаратат. Реформа өтө жай жүрүп жатканын моюнга алуу зарыл. ФСНБ долбоорундагы "Акыркы жылдарда финансылык борбордон ажыратуу,

[1] Ибрахим М.А. Мамлекеттин фискалдык саясатынын өнүгүүсү // Университеттин жарчысы, № 7-8, 2016. URL: https://vestnik.guu.ru/jour/article/viewFile/321/1336







бюджеттик тартипти жогорулатуу, финансылык ресурстарды бөлүштүрүүнүн ачык-айкындуулугу жана туруктуулугу шартында ар кандай деңгээлдеги бюджеттердин өз ара финансылык мамилеси принциптүү өзгөргөн" деген тыянак чындыкка дал келбейт.

Өкмөт бир нерсени мойнуна алышы керек: КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 10-мартындагы №116 токтому менен бекитилген 2016-2019-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү Концепциясындагы милдеттердин көбү толук ишке ашырылбай калган же такыр эле ишке ашкан эмес. Бюджет аралык мамилелер реформасы тууралуу сөз кылганда жаңы Бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүү программасын кабыл алуу зарылчылыгы тууралуу да сөз кылуу керек. Мында концепциядагы милдеттердин чукул арада кабыл алынышын жана баскыч-баскычы менен так аткарылышын өзгөчө көзөмөлгө алуу зарыл.

ФСНБ долбоорунан эскирген Концепцияны алып салып, жаңы Программаны чукул арада кабыл алуу жана ишке ашыруу зарылчылыгына басым жасоо сунушталат. Бюджет аралык мамилелер үчүн милдеттердин тизмеги – бул жөн гана эски концепцияны көчүрүп алуу эмес. Мында Бюджеттик резолюцияны негиз катары алып, орто мөөнөттүү мезгилге конкреттештирүү керек. Милдеттердин тизмегин төмөнкүлөргө өзгөртүүнү сунуш кылабыз:

- алкактарды белгилеп алып, бюджет аралык мамилелердин алкагында мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарын макулдашуу процессин киргизүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын киреше потенциалын жана кирешелер деңгээлин жогорулатууга, чыгашаларды кыскартууга шыктандырган чараларды киргизүү;
- методиканы жакшыртып, төмөнкүдөй бюджет аралык трансферттерди эсептөөдө ачык-айкындуулукту жогорулатуу:
  - *теңдештирүүчү трансферттер;*
  - *максаттуу трансферттер (анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруусу үчүн каржылоого бөлүнгөн трансферттер);*
  - *дем берүүчү (үлүштүк) гранттар;*
  - *жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында финансылык тартипти бекемдөө жана финансылык менеджменти күчөтүү механизмдерин киргизүү.*

ФСНБ долбоорундагы "мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары арасындагы ыйгарым укуктар чектелген" деген ырас тоо да чындыкка дал келбейт – бул маселеде аныксыздык көп. Айталы, финансылык ресурстар менен камсыздалбаган жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеги дээрлик көзөмөлсүз эле узарууда. ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилген,

бирок каржыланбаган функциялар өтө көп, аларга жаңы ыйгарым укуктар кошулуп турат, алар да финансылык каржылоосуз берилүүдө. Мунун баары "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тартиби жөнүндө" КР Мыйзамынын талаптарына карама-каршы келет. ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды ачык айтпастан, бейформалдуу өткөрүп берген учурлар бар.

Натыйжада ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү формалдуу мүнөзгө ээ болуп, иш жүзүндө ЖӨБ органдары көптөгөн кошумча функцияларды аткарууга мажбур. Мындай жагдай муниципалдык кызматчылардын мойнундагы жүктү ого бетер көбөйтүп, алардын ишке болгон демин суутууда. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнө "мамлекеттик органдар өзүнүн кайсы бир милдеттерин аткара албай, ошону ЖӨБ органдарынын мойнуна арта салууга умтулушат" деген пикир терең калыптанып калган.

Буга байланыштуу жетишкендиктерди баса көрсөткөн түюндурманы башкасына өзгөртүү сунушталат. Ал түюндурма ушул маселедеги кейгейдү баса көрсөтүшү керек. Ал эми бул көйгөйдү жок кылуу үчүн төмөнкүдөй иш-аракеттер зарыл: "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2019-ж. 17-октябрындагы № 3296-VI токтомуна ылайык, мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын так аныктоо, республикалык бюджет менен жергиликтүү бюджеттер ортосундагы, анын ичинде саламаттык сактоо, билим берүү чөйрөлөрүндөгү, ошондой эле чукул кырдаал жана өзгөчө абал киргизилген шарттарда алардын чыгаша милдеттенмелерин так аныктап алуу" (Бюджеттик резолюциядан алынган сунуш).

### ЖӨБ органдарынын киреше потенциалы аймактар ортосундагы табигый айырмачылыктар үчүн эмес, чаралардын жетишсиздигинен улам бекемделбей жатат

Андан ары бул бөлүмдө мындай ырастама бар: "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киреше потенциалын бекемдөө боюнча көрүлгөн чаралар аны көпчүлүк учурда анын көбөйүшүнө түрткү бербейт, буга байланыштуу табигый-климаттык шарттар, экономиканын агрардык багыты, кызмат көрсөтүү чөйрөсүн өнүктүрүүнүн жетишсиз деңгээли, өнөр жай потенциалын толук пайдалануу, өндүрүштүк инфраструктураны жайгаштыруудагы айырмачылыктар, ресурстарга, өзгөчө финансылык, коммуникациялык жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөргө кирүү менен шартталган". Бул ырастоодо себеп-натыйжалаш байланыш бузулган. Өнүгүүдөгү айырмачылыктар киреше потенциалынын көбөйбөй жатканынын негизги себеби эмес жана андай боло да албайт. Жогоруда айтылган (бирок саналбаган) "чаралардын" фрагменттүү болуп, системага салынбаганы буга себеп.

ЖӨБдүн киреше потенциалын жогорулатуу боюнча орто мөөнөттүү мезгилде кандай чаралар көрүлөрүн тагыраак көрсөтүүнү сунуш кылабыз. Мисалы, төмөнкүдөй чаралар көрүлсө болот:

- муниципалдык мүлктү азыркыдан сапаттуураак башкаруу, муну мүлккө инвентаризация жасабай туруп ишке ашыруу оор болот;
- социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн негизинде финансылык менеджменттин сапатын жана жергиликтүү бюджеттердин кирешесин болжолдоонун сапатын жогорулатуу;
- жергиликтүү салык саясатын өркүндөтүү, анын ичинде жер салыгынын ставкасын аныктоо укугун өкмөткө өткөрүп берүү;
- муниципалдык менчиктеги объекттерге жана муниципалдык жерге байланышкан бүтүмдөрдү жасоо үчүн (ижара, сатуу) электрондук соода аянтчасын түзүү боюнча иштерди тездетүү (Бюджеттик резолюциядан алынган сунуш);
- муниципалдык менчикте турган, бирок мамлекеттик органдар пайдаланган объекттерди мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү (Бюджеттик резолюциядан алынган сунуш).

### Киреше салыгын бөлүү методикасын өзгөртүү бюджет аралык мамилелер реформасынын бардык жердеги жетишкендиги болуп саналбайт


Жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрдүн нормативдерин өзгөртүү (салык агенти төлөгөн киреше салыгынан чегерүүлөрдүн нормативдерин баскыч-баскычы менен көбөйтүү, сатуудан алынган салыктан чегерүүлөрдүн нормативдерин баскыч-баскычы менен өзгөртүү) ФСНБ долбооруна жергиликтүү бюджеттердин киреше базасын бекемдөө боюнча чара катары тартууланат. Бирок бардык эле жерде бул чара кирешелердин өсүшүнө алып келбейт. Айылдык аймактарга карата алсак, салык агенти кармаган киреше салыгынын жергиликтүү бюджетке түшкөн үлүшүн пландуу жогорулатуу жергиликтүү бюджетке сатуудан алынган салыктан түшкөн үлүшүн пландуу азайтуудан жергиликтүү бюджеттин жоготууларынын ордун толуктай алган жок. Айталы, фокус-топтордогу талкуулардын жана өткөрүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыгы боюнча, соода өнүккөн ЖӨБдүн өкүлдөрү бул чара өзгөчө шаардык жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин абалы үчүн абдан терс кесепеттерди тийгизгенин белгилешкен. Мисалы, Кара-Балта шаарынын бюджетинин жоготуулары жылына 70 миллион сомго жакын сумманы түзсө, Чолпон-Ата шаарыныкы 20 млн. сомду, Кайыңды шаарыныкы 20 млн. сомду түздү. Айрым айылдык аймактар жылына орточо 1 миллион сомдун тегерегинде кирешеден куру калууда. Мындай аймактар үчүн киреше салыгынын үлүшүн көбөйтүү жоготуулардын ордун толуктай албайт. Бул чара соода өнүкпөгөн, бюджетке түшкөн кирешенин олуттуу бөлүгү социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик мекемелердин кызматкерлерине салык салуунун эсебинен толукталган чакан муниципалитеттерге гана оң таасирин тийгизүүдө.

Бул чараны кезектеги жетишкендик катары сүрөттөбөстөн, тийгизип жаткан таасирине анализ жасап, салык базасынын структурасына жараша ЖӨБгө дифференцияланган ыкманы колдонууга өтүүнү сунуш кылабыз.

### Жергиликтүү бюджеттердин артыкчылыктуу чыгаша багыты күнүмдүк чыгашаларга кеткен ресурстарды "жеп" отурбастан, өнүгүүгө багыт алышы керек

ФСНБ долбоорунда мындай ырастама бар: "жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө жана аткарууда чыгашалардын негизги артыкчылыктуу чыгашалары болуп алар үчүн корголгон беренелер кала берүүдө, анын ичинде коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр жана көмүр сатып алуу бар". Бирок бул жерде өнүктүрүү маселелери тууралуу сөз жок. Мындай ыкма ресурстарды "жеп отура берүү" саясатына көбүрөөк окшошот жана жада калса жергиликтүү өнүктүрүү бюджеттерин түзүү милдетин коюп жаткан Финансы министрлигинин ички документтерине да карама-каршы келет (2018-2025-жылдарга КРнын жергиликтүү өз алдынча башкаруусун өнүктүрүү Программасын ишке ашыруу боюнча КР Финансы министрлигинин Иш-чаралар планы. Бул Иш-чаралар планы Финансы министринин 2019-жылдын 25-февралындагы №28Б буйругу менен бекитилген). Бул билдирүү ФСНБ долбооруна жана республикалык бюджетке түшүндүрмө катка жылдан жылга "көчүп-конуп" келатат. Бул ыкманы кайра карап чыгып, аймактар үчүн өнүктүрүү бюджеттерин түзүү ниетин так аныктап алуу зарыл.

### Маселени констатациялоонун ордуна аларды чечүү боюнча чараларга өтүү зарыл



ФСНБ долбоорунда "Билим берүү системасын каржылоону жергиликтүү бюджеттен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башкаруусунда республикалык бюджетке которууга карабастан, жергиликтүү бюджеттерде муниципалдык менчик объекттерин күтүү боюнча чыгымдарды каржылоо мыйзамдык негизде сакталат" деп айтылган. Бул абзац да жылдан жылга ФСНБ текстине жана бюджетке түшүндүрмө катка көчүрүлүп келатат.

Мындай шайкешсиздикти жок кылуу үчүн эмнелер жасаларын так айтууну сунуш кылабыз.

Позитивдүү көрүнүш катары ФСНБ долбоорунда белгиленген өзгөртүүлөрдү киргизүү ниетин белгилегибиз келет. Долбоордо "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгым милдеттенмелеринин көлөмүн көбөйтүүгө таасир этүүчү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары кабыл алынганда жогору тургандардан төмөн тургандарга өткөрүлүп берилген каражаттарды берүү тартибин өзгөртүү боюнча колдонуудагы бюджеттик мыйзамдарга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилет" деп айтылат.

Келечекте жасоо ниети менен гана эмес, ошону менен бирге ЖӨБ органдары ишке ашырган бардык функцияларды каржылоо үчүн конкреттүү иш-аракеттерди санап чыгуу менен да бул өңүтүн күчөтүү сунушталат. Бул үчүн каржыланбай калган көлөмдү жана бул маселени чечтетүү үчүн көрүлгөн чараларды көрсөтүп, тийиштүү анализ жүргүзүү зарыл.

### Капиталдык салым объекттеринин тизмегин бекитүү боюнча ачык-айкын эмес, болжолдоого мүмкүн болбогон механизмин алмаштыруу тапшырмасы колдон чыкты

6.1-бөлүмчөдө ("Капиталдык салымдар") ФСНБ долбоору мындай деп аныктайт: "Мамлекеттик капиталдык салымдар эсебинен каржылоону өркүндөтүү жана өнүктүрүү боюнча негизги милдеттер төмөнкүлөр: инвестициялык сунуштарды орточо мөөнөттүү мамлекеттик, тармактык (сектордук) жана региондук программаларды иштеп чыгуу стадиясында түзүү; мамлекеттик, тармактык (сектордук) жана региондук программаларды макулдашуу стадиясында баалоону жүргүзүү, аларды баалоо боюнча оң корутундунун негизинде тандоону жүргүзүү". Бул

прогрессивдүү ниет, бирок алар жетишсиз. Ошондуктан алар республикалык бюджеттен ички капиталдык салымдардын эсебинен каржыланган курулуш жана реконструкциялоо объекттеринин тизмегин бекитүүнүн азыркыдай ачык-айкын болбогон, болжолдоого жол ачпаган механизмин алмаштырган жок. Башкача айтканда, реформа өзүнө ички капиталдык салымдарды пландоо жана ишке ашыруу боюнча иш-аракеттердин түшүнүктүү жана ачык-айкын эрежелерине өтүүнү камтышы керек.

Бюджеттик резолюциянын II бөлүмүнүн 5-пункту мындай сунуш берет: "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү. Бул берене ички бюджеттик инвестицияларды капиталдык салымдар формасында пландоону камсыз кылат, ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн экономикалык-социалдык өнүгүү программаларын, пландарын жана жергиликтүү бюджеттердин болжолдорун жүйөлүү негизде иштеп чыгышы үчүн программалык негизде жана ачык-айкын маалыматка таянуу менен бюджет түзүүнүн принциптерине шайкеш келиши керек".

Бул бөлүмчө боюнча багыттардын тизмегине төмөнкүлөрдү кошуу сунушталат: "ички капиталдык салымдардын долбоорлорун пландоо жана алардын республикалык бюджеттен каржылоо принциптерин мыйзамдар менен өзгөртүү – курулуш жана реконструкциялоо объекттеринин тизмегин жыл сайын үч жылдык мезгилге иштеп чыгуу, ал социалдык-экономикалык өнүгүүнүн орто мөөнөттүү планынын курамында болууга тийиш, бул болсо республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди даярдоодо негиз болуп кызмат кылып берет. Капиталдык салымдардын жалпы суммасын бир сап менен бекитүү практикасын мыйзамдар менен өзгөртүү; Өкмөт республикалык бюджет жөнүндө мыйзамды бекитип, КР ЖКга бергенден кийин бир айдан кеч эмес мөөнөттө курулуш жана реконструкциялоо объекттеринин тизмегин андан ары бекитүү практикасын мыйзамдар менен өзгөртүү". Ошондой эле капиталдык салымдар беренеси боюнча социалдык объекттерди тандап алуунун критерийлерин да кайра карап чыгуу зарыл. Өзгөчө жергиликтүү калктын демографиялык өнүгүүсүн эсепке алуу менен мектептердин курулушун жана жеринде мектептеги билим берүү тарамдарын оптималдаштыруу мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгуу зарыл. Мында маселени чечүүнүн альтернативалык чараларын кабыл алуу абзел (Бюджеттик резолюцияда сунушталды).

### Дем берүүчү үлүштүк гранттардын механизмин реформалоону уланта берүү зарылчылыгы көз жаздымында калды

6.2.-бөлүмчөдө ("Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар" (мындан ары – ДҮГ) ФСНБ долбоорунда ДҮГдү бөлүштүрүү саясатында өркүндөтүү багытында эч нерсе сунуш кылынган эмес. ЖӨБО өкүлдөрүнүн арасында дем берүүчү (үлүштүк) гранттар да акыйкатсыз бөлүштүрүлүп жатат деген пикир калыптанган. Шаарлар үчүн квоталар, КР Финансы министрлигинин мындайча айтканда "кара тизмелери" мына ушундай пикирдин калыптанышына таасирин тийгизүүдө. Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын долбоорлорун кошо каржылоо же ишке ашыруу боюнча милдеттенмелерин кандайдыр бир объективдүү же субъективдүү себептерден улам өз убагында аткара албай калган ЖӨБ органдарын Финансы министрлиги "кара тизмеге" киргизет. Мындай тизмеге кирген ЖӨБ органдары дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды алуу боюнча конкурстарга катыша албай калышат. Балким милдеттенмелердин сакталбай калышы кыйыр түрдө бир нерсеге байланыштуу болууда: дем берүүчү гранттар боюнча долбоорлорду ишке ашырууга өтө аз убакыт бөлүнөт. Мындан тышкары дем берүүчү гранттарды жергиликтүү бюджеттен кошо каржылоонун үлүшүнүн көбөйүшү дотациядагы ЖӨБ органдарынын бул грантка жетүүсүн мүмкүн кылбай жатат.

ФСНБ долбooруна ДҮГны бөлүштүрүү саясатын өркүндөтүүнүн өңүттөрүн кошууну сунуш кылабыз. Ал төмөнкүлөрдү камтый алат:

- долбоорлорду кошо каржылоонун үлүш бөсогосун кайра карап чыгуу же ЖӨБ органынын киреше потенциалына жараша прогрессивдүү үлүштөрдү колдонуу;
- ДҮГ долбоорлорун ишке ашыруу үчүн бөлүнгөн убакытты кайра карап чыгуу;
- орто мөөнөттүү келечекте дем берүүчү гранттардын бөлүштүрүлүшүн жергиликтүү өнүгүү бюджеттери менен алмаштыруу же айкалыштыруу.

***Сөз соңунда бир нерсени белгилей кетүү зарыл: ЖӨБ органдарына, жергиликтүү бюджеттерге жана бюджет аралык мамилелерге карата ФСНБ көп убакыттан бери саясаттын декларативдүү жана натыйжасы аз аспабы бойдон калып келатат. Буга көп учурда ЖӨБ органдарынын өздөрүнүн пассивдүүлүгү себеп болууда. Бюджеттик жана фискалдык саясаттын негизги багыттарын түзүү баскычында ЖӨБ органдары ушул кезге чейин өзүнүн бирдиктүү пикирин көп жакшы жеткире албай келишти. Эрежеге ылайык, бул багыттарды ишке ашыруунун тигил же бул кесепеттери пайда болгон учурда гана ЖӨБ органдарынын реакциясы билинет. ЖӨБ органдары үчүн саясатты түзүү процессине активдүү кошулуп, бул саясатты ишке ашыруунун жыйынтыктары үчүн жоопкерчиликти өкмөт менен тең бөлүшүүгө убакыт жетти. Бул жагынан алып караганда, 2020-жылы биринчи жолу ЖӨБ Союзунун атынан ЖӨБ органдары КР ЖК Бюджеттик резолюциясын түзүүгө да, ФСНБ долбоорун даярдоого да жигердүү катышты. ФСНБны бекитип жатканда ЖӨБ органдарынын үнү жетеби – бул башка маселе.***





# ЖӨБ органдары "ЖӨБ органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө" Типтүү жобону ишке ашырууда

Түрмөктүн автору
***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ӨСИнин мыкты практика боюнча адиси



**Жергиликтүү демилге – бул жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү, алардын бирикмелери, башка жеке жана юридикалык жактар демилгелеген, бир же бир нече жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган идея жана башка демилгелер.**

Акыркы жылдары дээрлик бардык элеттик муниципалитеттерде жергиликтүү демилге (мындан ары – ЖД) активдүү жайылып жатат. Жергиликтүү демилге – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө айыл тургундарынын акчалай жана эмгек салымын кошуусу. Тургундар көчөлөр же кварталдар боюнча, же болбосо жалпы айыл болуп демилгелүү топторго биригип, эң актуалдуу маселени талкуулап, аны чечүү жолдорун чогуу издешет. Көп учурда мындай жергиликтүү демилгелер ЖӨБ органдары менен чогуу ишке ашырылат. ЖӨБ органы жергиликтүү бюджеттин чегинде иштин кайсы бир бөлүгүн өз мойнуна алат. Айталы, жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБ органынын биргелешкен аракети менен жергиликтүү маанидеги маселелердин катарына кирген, айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча долбоорлор ийгиликтүү ишке ашырылат. Бирок жергиликтүү бийлик менен жамааттын мындай өз ара байланыш практикасы 2019-жылга чейин кандайдыр бир жергиликтүү ченемдик укуктук актыларда жана жалпысынан өлкөнүн мыйзамдарында бекитилген эмес. 2019-жылдын сентябрь айында гана КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – ЖӨБЭММА) буйругу менен "ЖӨБ органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө" Типтүү жобо[1] бекитилген (мындан ары – ЖД жөнүндө Жобо). 2019-жылдын этегинде эле ЖД жөнүндө Жобону Ош, Нарын жана Чүй облустарынын 15 муниципалитетинде киргизүү иштери башталган. Бул үчүн адегенде "Жергиликтүү демилге – жергиликтүү бюджеттеги каражатты башкаруунун жана жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө чындап катышуусунун жигердүүлүгүн жогорулатуунун аспабы"[2] аттуу темада тренинг өткөн. Тренингдин катышуучуларынын арасында Чүй облусунун (Сокулук райондорундагы Кун-Туу АА жана Кызыл-Туу АА)

[1] http://dpi.kg/upload/file/Tipovoe_Polojenie_Mestnaya_Initsiativa_05.09.2019_N01-1884_KYR.docx
[2] http://vap.kg/ru/press_room/news/full/1027.html

жана Ош облусунун (Өзгөн районунун Жазы АА) үч айылдык аймагынын өкүлдөрү да болду. Окуунун жүрүшүндө айыл өкмөт башчылары жана кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары жана жергиликтүү жамааттын лидерлери Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү демилгелердин укуктук негиздери менен таанышып чыгышты. Ошондой эле алар ЖӨБ органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерге колдоо көрсөтүлгөн эл аралык жана кыргызстандык тажрыйбалар, ЖД жөнүндө Жобону киргизүүнүн жол-жобосу тууралуу маалымат алышты. Соңунда тренингдин катышуучулары ЖД жөнүндө Жобону киргизүү боюнча иш планын даярдап чыгышты.

"Муниципалитет" журналы жергиликтүү жамааттарда Жобо кантип ишке ашырылып жатканы тууралуу баяндамасын улантат.

# Жазы айылдык аймагындагы жергиликтүү демилге жаңы таланттарды ачты



***"Эл ичи – өнөр кенчи" деп аталган жергиликтүү демилгени ишке ашыруунун алкагында 2019-жылдын ноябрь айында "Кош жылдыз" аттуу конкурс өткөрүлдү. Сегиз түгөй мыкты таланттарын жана чеберчилигин көрсөтүп, конкурстун бардык шарттарын аткарышты. Эркек менен аял түгөй болуп катышуусу айылдагы гендердик тең салмактуу мамилелерди түзүү үчүн жакшы шарт жана мүмкүнчүлүк болуп калды. Натыйжада конкурстун Гран-присин Фрунзе айылынан келген түгөйлөр утуп алып, 10 000 сом көлөмүндө башкы байгеге жана жеңүүчүнүн дипломуна ээ болушту. Биринчи жана экинчи орундарды ээлеген түгөйлөргө 7 000 жана 5 000 сом өлчөмүндө байгелер берилди. Калган катышуучулар 1000-2000 сом көлөмүндө шыктандыруучу байгелерди алышты. Ал эми конкурстун соңунда жергиликтүү маданияттын жылдыздарынын катышуусу менен концерт өттү.***

## Окуянын таржымалы

2019-жылдын октябрь айында Ош шаарында "Жергиликтүү демилге – жергиликтүү бюджеттеги каражатты башкаруунун жана жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө чындап катышуусунун жигердүүлүгүн жогорулатуунун аспабы" аттуу темада тренинг өткөн. Бул тренинг "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун[1] максаттуу муниципалитеттеринин өкүлдөрү үчүн өткөрүлдү. Аталган долбоорду Шейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык боюнча агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып келатат (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору). Окууну ЭҮЖӨБОЖ Долбоору уюштуруп, ал Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө жобону пилоттук негизде киргизүүнүн алкагында өткөрүлдү[2].

Катышуучулардын арасында Ош облусунун Өзгөн районундагы Жазы айылдык аймагынын ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү да болушту – тренингге айыл өкмөт башчысы, жооптуу катчы, айыл өкмөтүнүн адистери, биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун (БМБ) төрагасы, жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү катышты. Тренингдин жүрүшүндө катышуучулар жергиликтүү демилгелерге колдоо көрсөтүү боюнча эл аралык жана кыргызстандык тажрыйба менен таанышып, КРда жергиликтүү демилгелердин укуктук негиздери, ЖӨБ органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө жобону киргизүүнүн жол-жоболору тууралуу маалымат алышты; жергиликтүү демилгелерди колдоо аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамааттын реалдуу катышуу активдүүлүгүн жогорулатуунун аспаптары менен иштөө боюнча жаңы билимге жана көндүмдөргө ээ болушту.

Тренингдин катышуучулары ЖД жөнүндө Жобону киргизүүнүн бардык процессине даярдык көрүп, уюштурганды үйрөнгөнүн, конкурс өткөрүп, конкурстук комиссия түзүп, анын мүчөлөрүн тандаганды, артыкчылыктуу көйгөйлөрдү туура аныктаганды, конкурстун жеңүүчүлөрүн тандап алганды, ЖД жөнүндө Жобону ишке ашыруу боюнча планды даярдаганды үйрөнгөнүн айтышты. Тренингдин практикалык бөлүгүндө алар конкурсту өткөрүү үчүн жарыянын үлгүсүн, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган түрдүү темадагы долбоордук сунуштарды даярдап чыгышты.

Жазы айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Минавар АЮЖОЛОВА: "Биздин жамаат өтө активдүү, калктын жергиликтүү демилгелери дайыма болуп келген, адамдар өздөрү эле чогула калып, өз көчөсүндөгү кандайдыр бир көйгөйдү чечип келишчү. Кээде ЖӨБ органы техника же акча каражаты жагынан жардам берчү. Бирок азыр ЖД жөнүндө Жобо ЖӨБ органына расмий деңгээлде ЖД боюнча конкурстарды өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Башкача айтканда, ЖӨБ органы жергиликтүү демилге аркылуу элдин артыкчылыктуу маселесин чечүү үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат бөлө алат. Бул өтө ыңгайлуу экен. Себеби ЖӨБ органы "бир ок менен эки коёнду атып жатпайбы": биринчиси – элдин артыкчылыктуу маселесин чечип, алардын муктаждыктарын канааттандыруу. Экинчиси – ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү ишине жигердүү катышууга жергиликтүү жамаатты шыктандырат".

## Эмнеден башташты?

Тренингден кийин өз муниципалитетине кайтып келип, АӨ башчысы өз командасы менен кошо ЖД жөнүндө Жобону киргизип, конкурс өткөрүү тууралуу чечим кабыл алышты. Өз демилгесин долбоор катары даярдап чыгышып, аны айылдык кеңештин (АК) депутаттарынын кароосуна жиберишти. Депутаттар кезексиз сессияда "Жазы ААнын ЖӨБ органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө" Жобону бекитүү тууралуу Токтом (2019-жылдын 30-октябрындагы №100/22) кабыл алышты. Жобо Юстиция министрлигинин облустук бөлүмүндө каттоодон өткөрүлүп, муниципалитеттин сайтына илинген.

Айыл өкмөт башчынын 2019-жылдын 1-ноябрындагы №254 буйругу менен конкурстук комиссия түзүлүп, курамы бекитилди. Комиссиянын курамына АӨ кызматкери, АК депутаты, айыл старостасы жана жергиликтүү жамааттын өкүлү кирди. Конкурстук комиссиянын мүчөлөрү жарыяны даярдашып, аны АӨнүн сайтына жана төрт айылдагы маалымат такталарына жайгаштырып чыгышты.

Өтүнмөлөрдү кабыл алуу мөөнөтү аяктаган маалда жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнөн үч долбоордук өтүнмө түштү. Алардын темалары: "Таштанды тазалоо үчүн урналарды орнотуу"; "Спорт – бул ден соолук"; "Эл ичи – өнөр кенчи".

Белгиленген күнү долбоорлордун авторлору комиссия мүчөлөрүнө өз демилгелери тууралуу айтып беришти. Жыйынтыгында башында Буракыя САТАРОВА турган "Эл ичи – өнөр кенчи" аттуу жергиликтүү демилге жеңүүчү деп табылды.

Конкурстун жыйынтыгы протоколго киргизилип, АӨ сайтына жана айылдык аймактардагы маалымат такталарына илинди.

## Жергиликтүү демилгенин алкагында эмнелер жасалды?

ЖД боюнча өткөрүлүп жаткан конкурс тууралуу жарыяны жергиликтүү жамааттын лидери, Кара-Дыйкан айылындагы Маданият үйүнүн директору Буракыя САТАРОВА айылдаштарынан уккан экен. АӨ кызматкерлери менен жолугушуп, конкурска катышуу шарттары тууралуу кенен маалымат алган. Ал санаалаштарын чогултуп, конкурска катышуу үчүн 11 адамдан турган демилгелүү топту (ДТ) түзгөн. Демилгелүү топко айылдын жигердүү жашоочулары кирди: китепканачы, Аялдар кеңешинин жана Жаштар комитетинин өкүлдөрү, активисттер, төрт айылдын старосталары. ДТ айылдын актуалдуу маселелерин талкуулап, өз мүмкүнчүлүктөрүн талдап чыгып, ЖД боюнча конкурска өтүнмө берүү тууралуу чечимди кабыл алды. Конкурстун шарттарына ылайык, ДТ эсептөөлөрдү жүргүзүп, чыгашалар сметасын даярдап, өтүнмөнү иштеп чыгып, жергиликтүү демилгенин долбоорун "Эл ичи – өнөр кенчи" деп аташты. Долбоордун максаты – эл ичинен таланттарды сууруп чыгып, элеттик маданиятты жайылтуу үчүн "Кош жылдыз" таланттардын конкурсун өткөрүү.

"Эмне үчүн дал ушул маданият темасын тандап алдык? Мен маданият чөйрөсүндө 44 жылдан бери эмгек кылып келатам. Мамлекет мурда элет жергесиндеги маданияттын өнүгүүсүнө өтө олуттуу мамиле жасачу. Бирок СССР урагандан кийин элеттик "маданият очоктору" – клубдар жана Маданият үйү иштебей калды. Кара-Дыйкан айылындагы Маданият үйү да мындан четте калган жок. Бул Маданият үйүндө мурда аптасына бир нече иш-чара өтүп турчу. СССР урагандан кийин өскөн жаштар маданияттын заманбап жанрларына гана кызыгышат, муну менен ата-бабасынын салт-санааларын унутуп калышты; кыргыз маданиятын жана тилин өнүктүрүү боюнча идеология жок. Жаштар арасында жаңжалдар көбөйдү – көчөмө-көчө мушташышат, ичимдик ичишет. Айылдын лидерлери жана ЖӨБ органдары менен биргелешип, чара көрүүгө аракет жасап жүрдүк. Бирок дискотекалар кыр-даалды оңдоп кеткен жери жок. Мына ошондон кийин "Ыр-

[1] http://vap.kg/ky/geography/phase_2/
[2] http://dpi.kg/upload/file/Tipovoe_Polojenie_Mestnaya_initsiativa_05.09.2019_N01-1884_KYR.docx

кесе", "Айыл кечи" жана "Кадыр түн" конкурс-тарын өткөрө баштадык. Бирок бул конкурстар да жаштарды кызыктыра алган жок. Ошондуктан жаштар арасында "Кош жылдыз" конкурсун өткөрүүнү чечтик", - деп айтып берди Буракыя САТАРОВА.

ДТ мүчөлөрү "Кош жылдыз" таланттар сынагынын программасын даярдап чыгышкан. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен музыкалык аппараттарды сатып алышты: колонка, үн күчөткүч, микрофон жана поддон 27 000 сомго сатып алынды; алар таланттар конкурсун өткөрүү тууралуу жобону иштеп чыгышты. Конкурс төмөнкү жанрлар боюнча өтмөй болду: улуттук кийимдер, ырлар, бийлер, макал-лакаптар, жаңылтмачтар. Конкурс тууралуу жарыяны айылдык аймактагы төрт айылдын ичинде активисттер, лидерлер жана мектеп мугалимдери арасында таратып чыгышты.

Таланттардын конкурсуна катышуу үчүн эркектерден жана аялдардан турган 8 түгөй өтүнмө берди. Алар ырдап, бийлеп, жакшы сүйлөп, аудитория алдында чыга алган таланттар эле. Конкурстун катышуучуларына "Кош жылдыз" конкурсу жөнүндө Жобонун алкагында берилген тапшырмаларга даярдануу үчүн он күнгө жакын убакыт бөлүндү. Түгөй кылып катыштыруу айылдагы гендердик тең салмактуу мамилелерди түзүү үчүн негизги шарт жана мүмкүнчүлүк болуп калды.

АӨ өкүлдөрүнүн жана ар бир айылдан аял лидерлердин ичинен калыстар тобу түзүлүп, алардын ысымдары конкурстун алдында гана белгилүү болду.

Ырдап чыгуу үчүн сахнаны кооздоп, тамак-аш даярдоо үчүн жергиликтүү бюджеттен 6 500 сом, ал эми байге фондуна 30 000 сом бөлүнгөн.

Ошентип, 2019-жылдын ноябрь айынын бир күнүндө конкурстун бардык катышуучулары – 8 түгөй (16 адам) – чүчүкулак кармап, өз таланттарын көрсөтүп беришти. Ар бир түгөй жанрлардын түрлөрү – ыр конкурсу, бийлөө ж.б. боюнча өзөзүнчө чыгышты. Залга 120га жакын адам чогулду. Алар төрт саат бою ырчыларды колдоп турушту.

Конкурс бүткөндөн кийин калыстар тобу анын жыйынтыгын чыгарып, жеңүүчүлөрдү жарыялады. Натыйжада "Кош жылдыз" конкурсунун Гран-присин Фрунзе айылынан келген түгөйлөр утуп алып, 10 000 сом көлөмүндө башкы байгеге жана жеңүүчүнүн дипломуна ээ болушту. Экинчи түгөйлөр биринчи орунду ээлеп, 7 000 сом, үчүнчү түгөйлөр экинчи орунду ээлеп, 5 000 сом байге алышты. Калган катышуучулар 1000-2000 сом көлөмүндө шыктандыруучу байгелерди алышты.

Конкурстун жыйынтыктоочу бөлүгүндө гала-концерт өтүп, ага жергиликтүү маданият жылдыздары катышты.

Уюштуруучулардын айтымында, бул иш-чара конкурсанттар үчүн да, аларга колдоо көрсөтүп, сүрөп турган көрөрмандар үчүн да чоң майрам болуп калды. Ошол кечте ар бир адам үйүнө жакшы маанайда кайтты. Ал эми конкурстун бактылуу катышуучулары уюштуруучуларга ыраазычылыгын билдирип, ушул өңдүү иш-чаралар болсо, аларга да жигердүү катышууга даяр экенин айтышты.

ДТ лидери, Маданият үйүнүн директору Буракыя САТАРОВА конкурстун жыйынтыгына жана анын тийгизген таасирине мындайча баа берди: "Баары биз ойлогондой өттү. Мындай конкурсту айылда өткөрүү – бул чоң жетишкендик. Анткени атүгүл райондо да мындай деңгээлдеги иш-чаралар өткөрүлбөйт! Эл абдан жакшы пикирлерин айтып жатышат, баары эле ушундай кызыктуу жана пайдалуу иш-чара үчүн ыраазычылыгын билдирүүдө. Бул иш-чара жаштарды салт-санааларыбызды унутпаганга, кыргыз маданиятын жана тилин өнүктүрүүгө багыттайт. Катышуучулардын арасында 17 жаштан 35 жаш куракка чейинкилер болду. Биз жарышка түрдүү жаш курактарга кирген топторду тарта алдык. Жергиликтүү жамааттардын демилгелерин колдоо боюнча ушул өңдүү конкурстарды жергиликтүү бийлик квартал сайын өткөрүп турушу керек. Ошондо биз айылдагы ондогон жылдар бою унутта калып келген маданияттын өнүгүүсүнө олуттуу салым кошо алабыз. Бул багытта менин көптөгөн идеяларым бар. Кайнене менен келиндин ортосундагы мамилени жакшыртуу максатында "Жаш келиндер", "Сармерден", "Ыр-кесе", "Үй-бүлөлүк эстафеталар" ж.б. өңдүү конкурстарды өткөрсө болот. Элет жашоочусунун руханий, нравалык, эстетикалык жана дене тарбиясы үчүн маданиятты жана спортту өнүктүрүү боюнча жергиликтүү демилгелерге жигердүү колдоо көрсөтүлүүгө тийиш".

Жазы айыл өкмөтүнүн башчысы Максатбек ИБРАИМОВ жергиликтүү демилгелерди колдоо зарылчылыгын баса белгилеп, демилгелердин жергиликтүү калкка тийгизген таасирин жогору баалады: "Жергиликтүү демилге жөнүндө Жобо – бул жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу боюнча эң керектүү механизм. Биз ЖД боюнча конкурсту биринчи жолу өткөрдүк. Менин баамымда, биздин бул алгачкы тажрыйбабыз ийгиликтүү болду. Бардыгы ыраазы болуп калышты, маанайлары көтөрүлүп, эстен чыккыс таасир тийгизди. Эл да, конкурстун катышуучулары да, уюштуруучулар да, ЖӨБ органы да – баары жыйынтыгына ыраазы. Биз ЖД боюнча конкурстарды өткөрүү тажрыйбабызды уланта беребиз, сырттан жардам болобу же жокпу, буга карабастан ушуну менен токтоп калбайбыз.

Карапайым адамдарды коомдук иш-чараларга тартуу зарыл. Ал эми бул үчүн ЖД конкурсуна бюджеттен каражат бөлүнүшү керек. Мен бул эмне үчүн жана кантип жасаларын так түшүндүм. Биринчиден, бул адамдарда активдүүлүктү жана жоопкерчиликти күчөтөт. Мисалы, ЖД боюнча конкурска катышуу үчүн адамдар демилгелүү топторго чогула баштап шат, долбоорлорду иштеп чыкканды үйрөнүшөт. Эгерде утуп алса, долбоорду ишке ашыруу процессине жан дили менен тартылышат. Экинчиден, бул адамдарды "ойготот", кыймылга түртөт – алар жамааттын өнүгүүсү үчүн жоопкерчиликтин бир





бөлүгүн өзүнө алышат. Ар бир айылда "уктап жаткан" адамдар бар, алар четте туруп алып эле ЖӨБ органынын ишине баа бере беришет, адатта терс баалашат, бирок өздөрү эч нерсе кылышпайт. Бул конкурс ар бир тургунга масштабдуу жана кызыктуу долбоорго катышууга мүмкүнчүлүк берет, бардык каалоочуларга тең шарттарды түзөт. Үчүнчүдөн, адамдардын маданияты, кызыгуусу жана аң-сезими жогорулайт, жамаатта адамдар ортосундагы өз ара түшүнүшүү жана макулдашуу күчөйт. Бул азыркы күндөрү өтө маанилүү болуп турат. Мага бул долбоор абдан жакты. Долбоордун ЖӨБ органдары үчүн да, эл үчүн да пайдасы көп болду. Эгерде ЖӨБ органдарынын баары жергиликтүү бюджеттердин жардамы менен ушундай ЖД боюнча конкурстарды уюштуруу жана өткөрүү максаты менен ЖД тууралуу Жобону киргизүү канчалык натыйжалуу жана пайдалуу болгонун билсе сонун болмок".

### Алынган сабактар

Бул багыттагы кийинки иш-чараларды жакшыртуу үчүн конкурс жыйынтыкталгандан кийин уюштуруучулар кетирген кемчиликтерин, каталарын жана алынган сабактарды талкуулашты.

Буракыя САТАРОВАнын айтымында, "Кош жылдыз" таланттардын конкурсу тууралуу Жобону даярдап жатканда алар конкурска кыргыз элинин салтына кирген кол өнөрчүлүгүн жана чеберчилигин (сайма саюу, токуучулук) кошпой калышкан экен. Ошондой эле алар байге фондуна көбүрөөк каражат бөлүп, маалымат өнөктүгүн активдүүрөөк жана кеңири масштабда өткөрүүн керектигин түшүнүштү. Маалымат өнөктүгү 2-3 ай мурда башталса, катышуучуларда даярданууга көбүрөөк убакыт болмок.

"Биз мындай конкурсту биринчи жолу өткөрүп жаткандыктан айрым кемчиликтер болду. Бирок мунун баары кийинки иш-чараларды уюштуруп, өткөрүүдө бизге сабак болот", – деди ал.

### Акча эмнелерге сарпталды?

Жергиликтүү демилгени ишке ашырууга кеткен чыгашалардын жалпы суммасы 67 000 сом болду. Алардын ичинде:

- ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Жазы айылдык аймагында ЖД жөнүндө Жобону киргизүү үчүн 27 000 сом көлөмүндө жардам берди; бул акчага музыкалык аппаратура сатып алынды;
- ЖӨБ органы конкурстун байге фондуна жана ырчылар үчүн сахнаны жасалгалоого жергиликтүү бюджеттен 36 500 сом бөлүп берди;
- ДТ лидерлеринин атынан жергиликтүү жамааттын акчалай салымы 3 500 сом болду.

# Жергиликтүү демилге аркылуу ЖӨБ органы спорттук иш-чараларды уюштуруу маселелерин эффективдүү чечүүдө




Күнтуу айылдык аймагында 7 жаштан 40 жашка чейинки курактагы 80ге жакын адамда орто мектептин базасында спорт менен алектенүү мүмкүнчүлүгү пайда болду. 2020-жылдын февраль айында Шалта жана Күнтуу айылдарындагы мектептерге спорттук шаймандар сатып алынып, коопсуз машыгуу үчүн тосмо орнотулду. Мунун баары ЖӨБ органдары колдоого алган жергиликтүү демилгенин жардамы менен мүмкүн болду. Натыйжада үйрөнчүк спортчулар эми кикбоксинг жана оксуз кармашуу менен алектене алышат – кенже топ 7ден 12 жашка чейинки 30 адамдан турат, улуулар тобу 12ден 30 жашка чейинки 25 адамдан турат; волейбол – 12 кыздан турган топ, 12 адамдан турган

жигиттер тобу жана 20 жаштан 40 жашка чейинки куракгагы 18 адамдан турган чоңдор тобу. Спорттук жабдууну сатып алууга 37 000 сом бөлүндү.

Ошентип, 2021-жылга Биргелешкен аракеттер планына кошулган жергиликтүү маанидеги актуалдуу көйгөйлөрдүн бири чечилди.

## Окуянын таржымалы

2019-жылдын күз мезгилинде Күнтуу айылдык аймагынын өкүлдөрү Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоонун жана каржылоонун тартиби жөнүндө Жобону[1] киргизүүгө багытталган тренингге катышкан. Окуу "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун[2] максаттуу муниципалитеттеринин өкүлдөрү үчүн өткөрүлдү. Аталган долбоорду Шейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Башкармалыгы (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту Чүй облусунда ишке ашырып келатат (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору).

Тренингде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө Жобону киргизүүнүн ролу жана артыкчылыктары тууралуу толук маалымат берилди. Билим топтоп алып, Күн-Туу айылдык аймагынын ЖӨБ органдары аны өз муниципалитетинде ишке ашырууну чечишти. Жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүн баалоо үчүн эсеп жүргүзүлдү. Анын натыйжасында 10 000 сом бөлүп берүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар болгону аныкталды. Гранттык жардам катары ЭҮЖӨБОЖ Долбоору 27 000 сом көлөмүндө акча каражатын бөлүп берди. Натыйжада жергиликтүү демилге конкурсун өткөрүү үчүн каржылоонун жалпы суммасы 37 000 сом көлөмүндө аныкталды.

## Эмнелер жасалды?

Каржылоонун булактарын жана суммасын аныктап алгандан кийин Күнтуу муниципалитетинин ЖӨБ органдары ЖД жөнүндө Жобону киргизүү боюнча иштерди уюштура башташты. Алар иштеп чыккан пландын негизинде долбоор даярдалды. Кийин бул долбоор айылдык кеңештин се-ссиясында каралды. Жергиликтүү демилгелерге колдоо көрсөтүүдө жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катышуусуна дем берүүдө мындай долбоорлордун маанисин баамдоо менен, кеңештин депутаттары өз токтому (2019-жылдын 6-ноябрдагы №8/5)[3] менен "Күнтуу АА ЖӨБ органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө" Жобону бекитишти.

Расмий документти кабыл алгандан кийин айыл өкмөтү жергиликтүү демилгенин конкурсунун төмөнкүдөй багыттарын аныктады: тиричилик калдыктарын жыйноону жакшыртуу; дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү; коомдук жерлерди көрктөндүрүү.

ЖД боюнча конкурстун бардык процессин уюштуруу үчүн беш адамдан турган (үч аял) конкурстук комиссия түзүлдү. Комиссияга АӨ кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү киришти.

"ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен беш жылдан берки кызматташтыгыбыздын натыйжасында биз жергиликтүү жамааттын муктаждыктарын кантип аныкташ керектигин билип калдык. Албетте, биз өзүбүздөгү артыкчылыктуу маселелер тууралуу билчүбүз. Алар тургундар менен чогуу өткөрүлгөн ЖМБА-сессияларынын жүрүшүндө аныкталган. 2019-жылдын октябрь айында өткөн тренингдин практикалык бөлүгүндө биз конкурсту өткөрүү жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган долбоордук сунуштар үчүн жарыялардын үлгүлөрүн даярдадык. Ал эми конкурстун багытын аныктоодо биз артыкчылыктуу болгон көйгөйлөрдү, анын ичинде 2021-жылга Биргелешкен аракеттер планына (БАП)[4] кошулган маселелерди негиз катары алдык", - деди айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Эдита ТАЙГАРАЕВА.

Комиссия алдыда болчу конкурс тууралуу жарыяны даярдап, анда конкурска катышуу үчүн шарттарды көрсөтүп, бул жарыяны АӨнүн расмий веб-сайтына[5], маалымат такталарына жайгаштырды, "Вотсаптагы" бардык тайпаларга билдирүү жөнөттү, жергиликтүү кеңештин депутаттары, демилгелүү топтор жана БМжБ тобунун мүчөлөрү арасында таратты.

2019-жылдын 20-ноябрынан 2-декабрга чейинки мезгил аралыгында өтүнмөлөр кабыл алынып, жекеме-жеке да, телефон аркылуу да консультациялык жолугушуулар өткөрүлдү. Натыйжада жергиликтүү жамааттан үч өтүнмө түштү.

Өтүнмө жибергендердин арасында Шалта айылында жашаган эки жигердүү жана кайдыгер эмес адам болду. Алар – элеттик мектептин дене тарбия мугалими жана машыктыруучусу ТОКТОНАЛИЕВ Урмат жана айылдын активисти ЖАРКЫНБАЕВ Турдубек. Алар жаштар арасында спортту өнүктүрүү боюнча маселени чечүү үчүн демилгелүү топко биригишти. АӨ имаратынын жанындагы маалымат тактасынан жарыяны окуп калып, эки дос жергиликтүү демилгелер конкурсуна катышууну чечишкен. Конкурстун шарттары менен таанышып чыккандан кийин алар өтүнмө даярдап, конкурска "Спорт – бул ден соолук" деген аталыш менен жиберишкен. Бул демилгенин негизги максаты: спорт менен алектенүү жана жаштардын натыйжалуу машыгуусу үчүн зарыл болгон спорттук шаймандарды сатып алуу.

Конкурстук комиссия долбоордук сунуштарга баа берип, жыйынтыгын чыгарып, натыйжада Урмат ТОКТОНАЛИЕВ башында турган "Спорт – бул ден соолук" демилгеси конкурстун жеңүүчүсү деп табылды. Комиссиянын Протоколунун негизинде АӨ башчысы өзүнүн Буйругу менен конкурстун жыйынтыктарын бекитти. Алар маалымат такталарына жарыяланды.

Жергиликтүү демилгени ишке ашыруу тууралуу ЖӨБ органы менен ДТ ортосунда эки тараптуу макулдашууга кол коюлуп, Техникалык тапшырмада шарттар көрсөтүлдү. Жергиликтүү демилгени ишке ашыруу мөөнөтү 2019-жылдын ноябрь айынан 2020-жылдын февраль айына чейин деп белгиленди.

## Эмнелер жасалды?

Акыркы мезгилде спорт жаштар арасында өзгөчө популярдуу болууда. Жаштар кикбоксингге, волейболго, футболго кызыкканы менен, спорттук шаймандар тартыш болууда. Анткени алар тез эле эскирип, жараксыз абалга келип калат. Мындан улам шаймандарды жана спорттук кийимдерди жаңылоо зарылчылыгы келип чыгууда. Ошол себептен бөлүнгөн 37 000 сом көлөмүндөгү акчага ЖӨБ органы Шалта айылындагы орто мектепке мушкерлер үчүн төрт груша, төрт мушкер колкабын сатып берди. Ал эми башка мектепке волейбол жана футбол топтору берилди. Күнтуу айылындагы мектептин стадионунда спортчулардын коопсуз машыгуусу үчүн тосмолор орнотулду.

Тилекке каршы, спортчулардын кубанычы көпкө созулган жок. COVID-19 пандемиясынан улам 2020-жылдын март айында өлкө боюнча карантин чаралары киргизилди. Бирок буга карабастан Урмат менен Турдубек келечекке үмүт менен карашат. Анткени карантинге чейин спортзалда 80ге жакын адам машыгып жаткан, карантинден кийин деле алар машыгуусуна кайтып келишет: кикбоксинг жана күрөш секциясында: 7-12 жаштагы 30 адам кенже топто, 12-30 жаштагы 25 адам чоңдор тобунда; волейбол секциясында: 12 адамдан турган кыздар тобу жана 12 адамдан турган жигиттер тобу туруктуу машыгып турушат. Бирок 20-40 жаштагы 18 адам кирген улуулар тобу да бар, алар аптасына эки жолу машыгышат.

Демилгелүү топтун лидери, мугалим ТОКТОНАЛИЕВ Урмат Шалта айылына 2004-жылы көчүп келген. Ал жылдары жаштар спортко такыр кызыгышчу эмес. Урмат айыл тургундары арасында спортту өнүктүрүү демилгесин жигердүү түрдө көтөрүп чыгып, мында өзгөчө көңүлдү жаштарга бурду. Анын айтымында, өсүп келаткан муунду сөзсүз спортко тартыш керек. Себеби спорт – бул өспүрүмдүн мүнөзүн калыптандырат, тартипке, эмгекке, боорукердикке үйрөтөт, балдар чыдамкай болуп өсүшөт. Ал эми азыркыдай жашоо ритминде бул өзгөчө маанилүү болуп турат. Спорт өспүрүмдүн мүнөзүн калыптандыруу менен, аны жакшы жакка өзгөртөт. Машыгуулардын жардамы менен балдардын эрки күчтүү болуп, жеңишке умтулуу каалоосу пайда болот, алар аягына чейин күрөшкөндү, жеңилип калуудан коркпогонду, өзүн кармай билгенди үйрөнүшөт. Бүгүнкү күндө айылда облустук жана республикалык деңгээлдерде өткөн опимпиадаларга катышкан балдар көп.

Сокулук району арасында волейбол боюнча таймаштар Күнтуунун жаштары үчүн чоң окуя болуп калды. Бул таймаштарды демилгелүү топтун лидерлери Урмат менен Турдубек уюштурушкан. Таймаштар 2020-жылдын 20-23-февраль күндөрү Шалта айылындагы Д.Доронбеков атындагы мектептин аймагында өттү. Таймашка төрт муниципалитеттен кыздардын 8 командасы, кийинки күнү балдардын 8 командасы катышты. Жалпысынан таймаштарга 160 бала катышып, төрт бейтарап калыс чакырылды. Калыстар таймаштарга тең салмактуу баасын беришти.

Таймаштын жыйынтыктары жарыялангандан кийин Д.Доронбеков атындагы мектептин директору жана Урмат ТОКТОНАЛИЕВ жеңүүчүлөргө баалуу байгелерди, дипломдорду жана грамоталарды тапшырышты. Бул үчүн 4 000 сомду У. ТОКТОНАЛИЕВ берген. Ал эми Шалта айылындагы мектептин мугалимдери спорттук иш-чаралардын бардык катышуучулары үчүн тамак даярдашты.

Катышуучу балдар мурда ушундай эле таймаштар башка муниципалитеттерде да өткөнүн, бирок мындай масштабдуу деңгээлде болбогонун белгилешип, биринчи жолу байге алып, мындай иш-чарада даамдуу тамак жегенин айтып кубанып турушту.

Таймаштар өтө жогорку деңгээлде өтүп, балдар жакшы маанайда тарап кетишти. Ал эми башка муниципалитеттерден келген командалардын машыктыруучулары ушул мектептин аймагында мындай таймаштарды туруктуу түрдө өткөрүп турууну сунуш кылышты.

ТАЙГАРАЕВА Эдита, АӨнүн жооптуу катчысы: "Бул демилгени ишке ашыруунун арты менен биз жаштарыбыз канчалык прогрессивдүү, жигердүү болгонун, аларда чоң дарамет, кызыктуу идеялар бар экенин, кайдыгер болбогонун, өз айылынын өнүгүүсү үчүн салым кошууга даяр болгонун көрө алдык. ЖД боюнча конкурсту өткөрүү өңдүү мындай механизмдин пайдасы биз башында ойлогондон да көп болду. Биринчиден, адамдар "ойгоно" баштады жана жергиликтүү жамаатты өнүктүрүүгө жигердүү катышууда. Экинчиден, бул жергиликтүү бийлик менен элди бири-бирине жакындатат, алар айылдын маселелерин чогуу чечишүүдө. Келечекте бул тажрыйбаны дагы колдонууну пландап жатабыз. Азыр болсо, ушул жылы ЖД боюнча конкурсту кайсы багытта уюштурса болот деп ойлонуп, идеяларды топтоп жатабыз".

## Алынган сабактар жана келечеги

ТОКТОНАЛИЕВ Урмат: "Жергиликтүү демилге боюнча конкурс кийинки иш-аракеттерге дем берди. Эми жергиликтүү бийлик өзгөчө муктаж болгон спортчуларга колдоо көрсөтө алат. ЖД конкурсунун жардамы менен биз жаңы спорттук шаймандарды

[1] http://dpi.kg/upload/file/Tipovoe_Polojenie_Mestnaya_·initsiativa_05.09.2019_N01-1884_KYR.docx
[2] http://vap.kg/ky/geography/phase_2/
[3] http://kuntuu-aimak.kg/ky/acts/full/114.html
[4] https://youtu.be/w3e4Ls9RaiA
[5] http://kuntuu-aimak.kg/ky/ads/full/30.html

алып, чоң таймаш өткөрө алдык. Бирок эң негизгиси – бул демилге адамдарды бириктирип, атүгүл мектептин жамааты да четте карап турбастан, финансылык жана моралдык жактан колдоо көрсөттү. Ал эми балдар ушунчалык көп эмоцияларга ээ болушту! Жергиликтүү бийлик тарабынан мындай жардам биринчи жолу көрсөтүлдү. Мугалимдерде да, балдарда да, айтор баарында стимул пайда болду. Мындай конкурстар көбүрөөк өткөрүлүп турушун каалайбыз. Ошондо эл да баарына пайда алып келген жергиликтүү демилгелге көбүрөөк кызыга баштайт".

Ал арада уюштуруучулар ЖД жөнүндө Жобону ишке ашыруу процессинде кетирилген кемчиликтерди белгилешти: "ЖӨБ органы спорттук шаймандарды сатып алаардан мурда бул чөйрөдөгү адистер менен кеңешип көрсө болмок экен. Себеби АӨдө товардын сапатын баалай алган тийиштүү адис жок. Эгерде бизди бул чөйрөдөгү адис катары товарларды сатып алуу процессине кошсуса, биринчиден, бизде айрым спорт дүкөндөрүндө жеңилдиктерибиз бар, ошону колдонмокпуз. Экинчиден, биз сапаттуу спорт кийимдери кайда жасаларын билебиз. Ал эми азыр болсо мага шаймандарды сатып алып, колума карматышты. Сатып алуу процессине кесипкөй адамдарды жана адистерди сөзсүз түрдө кошуш керек. Балким, мында биздин да күнөөбүз болгон чыгаар. Себеби башынан эле товарларды сатып алууга жана бул процесске катышууга ниетибизди билдирсек болмок. ЖӨБ органы сатып алуулардын бардык түрлөрү боюнча ачык-айкындуулукту камсыз кылышы керек", - деди У.ТОКТОНАЛИЕВ.

Жаштар эң жигердүү социалдык топ болуп саналат. Ошондуктан спортту жана маданиятты өнүктүрүү, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү өңдүү багыттарда алардын социалдык активдүүлүгү өтө маанилүү болуп турат.

Ишке ашырылган жергиликтүү демилгенин лидерлери Урмат менен Турдубектин тажрыйбасы Күнтуу айылдык аймагында спортту өнүктүрүү процесси ишенимдүү колдо экенин көрсөттү. Бул адамдар кичи Мекенинин чыныгы патриоттору, алар дени сак муун үчүн чындап күрөшүп, бул багытта салым кошууга дайыма даяр турушат.

ЖД жөнүндө Жобону ишке ашырууда өзүн көрсөтө алгандан кийин ЖӨБ органы аларга карантин маалында гуманитардык жардамды бөлүштүрүү милдетин жүктөдү. Азык-түлүк түрүндө гуманитардык жардамды ЭУЖӨБОЖ Долбоору Өнүктүрүү саясат институту аркылуу берген. Карантиндин алгачкы күндөрү гуманитардык жардамдын биринчи партиясы башаламан, айрым учурларда акыйкат эмес таратылса, Урмат өз командасы менен бул ишти колго алып, бардык муктаж үй-бүлөлөргө тизме боюнча жардамды так жана акыйкат бөлүштүрүп берди. ЖӨБ органы жергиликтүү демилге боюнча конкурстун жеңүүчүсүн тандап алууда жаңылбаганы белгилүү болду – эң татыктуулары жеңген экен. Мындан улам алардын ишинин жыйынтыгы жалпы элге чоң пайда алып келди.

Ошентип, ЖӨБ органы конкурс өткөрүү менен ЖД жөнүндө Жобону киргизүү тажрыйбасына ээ болду. Муну менен элеттиктерге артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алууга жана аны чогуу чечүүгө мүмкүнчүлүк пайда болду.

Күнтуу ААнын айыл өкмөт башчысы СЕЙДАЛИЕВ Адилет: "Жергиликтүү демилге боюнча конкурстун ЖӨБ органы тарабынан уюштурулушу – бул өтө зарыл жана натыйжалуу механизм. Мунун натыйжасында ЖӨБ органы менен жергиликтүү жамааттын тыгыз кызматташуусуна жол ачылууда. Биринчи тажрыйбанын арты менен элеттин жаштары өз артыкчылыктарын өз алдынча аныктап алып, ЖӨБ органы менен биргелешип, жаштардын муктаждыгын канааттандарды – алардын спортту өнүктүрүү боюнча маселесин чечип берди".

# Жергиликтүү демилгенин натыйжасында коомдук иш-чаралар үчүн парк-бакча пайда болду

***Кызыл-Туу айылдык аймагынын Новое айылында ЖД жөнүндө Жобону пилоттук түрдө киргизүүнүн алкагында жергиликтүү демилге ишке ашырылды. Бул айылда элдин эс алуусу үчүн, майрамдар, айылдык чогулуштар, угуулар жана жыйындар өңдүү коомдук иш-чараларды өткөрүү үчүн жаңы парк-бакча пайда болду. Бул максатта ЖӨБ органы айылдын аймагынан 600 чарчы метр (6 сотик) жер участогун бөлүп берди. Бул аймак тосмолонуп, алма, өрүк, алмурут, терегек четине гүлдөр отургузулду. Долбоордун жалпы суммасы 35 000 сомду түздү.***

## Окуянын таржымалы

2019-жылдын ноябрь айында бир катар муниципалитеттерде "Жергиликтүү демилге – жергиликтүү бюджеттеги каражатты башкаруунун жана жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө чындап катышуусунун жигердүүлүгүн жогорулатуунун аспабы" аттуу темада тренинг өткөн. Бул тренингди ЭУЖӨБОЖ Долбоору уюштурган[1]. Кызыл-Туу айылдык аймагынан окууга жергиликтүү бийликтин жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү катышты. Алардын арасында АӨ башчысы жана кызматкерлери, беш айылдын старосталары, Жаштар комитетинин, Аялдар кеңешинин, Айылдык ден соолук комитетинин (АДК) өкүлдөрү, активисттер, айыл лидерлери да болду. Жалпысынан тренингге 60 адам, анын ичинде 24 аял катышты.



"Тренинг бизге ЖӨБ органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерге финансылык колдоо көрсөтүү боюнча жаңы механизм, жергиликтүү демилгенин максаттары жана милдеттери, ЖД боюнча конкурстарды ишке ашыруу практикасы менен таанышууга мүмкүнчүлүк берди. ЖД жөнүндө Жобону киргизүүнүн жол-жобосу менен кенен таанышып чыгып, биз ЖД жөнүндө Жобону ишке ашыруу боюнча пландын долбоорун иштеп чыктык. ЖД жөнүндө Жобону биздин муниципалитетте киргизүү үчүн ЭУЖӨБОЖ Долбоору гранттык жардам катары 27 000 сом бөлөт деген кабар бизге абдан жакты", – деп эскерди АӨнүн жооптуу катчысы ШАТЕМИРОВА Валентина.

Тренингден кийин өткөн биринчи эле чогулушта ЖД жөнүндө Жобону ишке ашыруу тууралуу чечим кабыл алынды. Ал эми депутаттар айылдык кеңештин кезексиз сессиясында "Кызыл-Туу ААнын ЖӨБ органы тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө" Жобону карап чыгып, аны бекитүү тууралуу Токтом (2019-жылдын 15-ноябрындагы №28) кабыл алышты. Бул документ Юстиция министрлигинин облустук бөлүмүндө каттоого алынып, АӨнүн веб-сайтына жайгаштырылды[2].

Андан кийин конкурсту уюштуруу жана жергиликтүү демилгени тандап алуу максатында беш адамдан турган конкурстук комиссия түзүлдү. Комиссиянын курамына АӨнүн жооптуу катчысы, айылдык кеңештин депутаты (жергиликтүү бюджетти карап чыгуу боюнча комиссиянын төрагасы), айыл өкмөтүнүн кызматкери (катчы), аялдар кеңешинин төрайымы жана Новое айылынын старостасы киришти. Конкурстук комиссиянын курамы АӨ башчысынын 2019-жылдын 1-ноябрындагы №143 Буйругу менен бекитилди.

Комиссия жарыяны даярдап, аны АӨнүн веб-сайтына жана аймактагы беш айылдын ичиндеги маалымат такталарына жайгаштырды.

2019-жылдын 18-декабрынан 2020-жылдын 10-январына чейинки мезгил аралыгында беш өтүнмө түштү: "Аймакты жашылдандыруу жана көрктөндүрүү аркылуу эс алуу үчүн паркты уюштуруу"; "Көчөлөргө жарык орнотуу"; "Бир бүтүрүүчү – бир дарак"; "Маловодное айылындагы Маданият үйүнүн материалдык-техникалык базасын жакшыртуу"; "Музыкалык аспаптарды – комузчулар тобу үчүн комуздарды сатып алуу".

Комиссия белгилеген күнү өтүнмө ээлери өз долбоорлору менен тааныштырышты. Натыйжада комиссия өз баасын берди. Упайларды эсептеп чыккандан кийин "Аймакты жашылдандыруу жана көрктөндүрүү аркылуу эс алуу үчүн паркты уюштуруу"долбоору жеңүүчү деп табылды. Бул долбоор 50 упайдын 38ин алган. Протокол түзүлүп, маалымат такталарында жана АӨнүн веб-сайтында жайгаштырылган.

"Биздин демилгенин максаты – айылда элдин эс алуусу үчүн, майрамдар, айылдык чогулуштар, угуулар жана жыйындар өңдүү коомдук иш-чараларды өткөрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү. Айылдын аймагында бир гана административдик имарат –

[1] 2015-жылдын жаз мезгилинен бери Кызыл-Туу муниципалитети "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун максаттуу муниципалитети болуп эсептелинет. Аталган долбоорду Шейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Башкармалыгы (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып келатат. Толук маалымат үчүн: www.vap.kg

[2] http://kyzyl-tuu.kg/ru/acts/full/91.html



ЧАГАЛДАК ЗАМИРБЕКОВ
КУДАЙБЕРДИ БЕЙШЕНКУЛОВ
ЭЛИЗА ТАҢСЫКОВА

АРГЕН АДИЛ УУЛУНУН ТАСМАСЫ

# КРЕДИТ

## КАРЫЗЫ ЖОК КЫРГЫЗ ЖОК

**Бир күнү сиз үйүңүздөн жана бардык мүлкүңүздөн айрыласыз.**

**Адамдар да сизди таштап кетет.**

**Бир гана карыздарыңыз менен бетме-бет каласыз.**

германия кызматташтыгы
giz
National Endowment for Democracy
Supporting freedom around the world
ЖАШТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ИНСТИТУТУ
MY NARYN
ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE
PROСВЕТ